Кырг.
С1
С17



СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАРЫ

кафт 459545
от
с 17

Самаганов Т.Н.
Советник
Государственного
секретаря
Ф., 1946.
листов.

459545

Китепкана сериясы

Ж. САМАГАНОВ

СОВЕТТИК КЫРГЫЗСТАН ЖАЗУУЧУЛАРЫ

БИО-БИБЛИОГРАФИЯЛЫК СПРАВОЧНИК

Толукталып кыргызча 2-басылышы.

«КЫРГЫЗСТАН» БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ — 1976

Кыргыз.
016:8+8(с)К(0г)
С 17

Самаганов Ж.

С 14 Советтик Кыргызстан жазуучулары. (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги) Толукталып кыргызча 2-басылышы. «Кыргызстан», 1976 ©

728 бет. (Китепкана сериясы).

Бул китеп Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык маалыматтарын ичине алды.

С $\frac{723-159}{М\ 451(17)-76}$ 220—76 016

459545

Центральная научная библиотека Академии наук Кирг. ССР

КИРИШ СӨЗ

Советтик Кыргызстандын жазуучулары жөнүндөгү био-библиографиялык бул справочник кыргыз тилинде толукталып экинчи жолу басылышы. Справочник адабиятчылар, мугалимдер, студенттер, пропагандисттер, басма, радио, телевидение кызматкерлери жана жалпы эле кыргыз адабиятына кызыккан журтчулук үчүн арналып отурат.

Справочник кыргыз жазма адабияты жаралгандан берки Кыргызстандын жазуучулары тарабынан жазылган чыгармалардын жана алар жөнүндө жазылган макалалар менен монографиялардын тизмесин ичине алды. Китепке профессионал жазуучуларга, башкача айтканда, СССР жазуучулар Союзуна мүчө болгон жазуучуларга тиешелүү материалдар гана киргизилген. Ошондуктан СССР жазуучулар Союзуна мүчө болбогон, бирок, бир-экиден ырлар жыйнактары, же башка жанрдагы китептери бар авторлор китепке кирбей калды.

Справочник жазуучунун жолундагы негизги маалыматтарды камтып, жазуучунун кыскача өмүр баяны, китептеринин, ар түрдүү макалаларынын, очерктеринин, публицистикаларынын библиографиясы жана ар бир жазуучу тууралу жазылган монографиялардын, макалалардын библиографиясы менен окуучуларды кенен тааныштырат. Китепке киргизилген библиографиялык материалдар хронологиялык тартип менен жайгаштырылды.

Бул справочниктеги библиографиялык маалыматтар барлык бөлүмдөр боюнча толук деп айтууга болбойт. «Китептери» деген бөлүмдү гана толук деп айтса чындыкка жакындайт, ошондо да Ч. Айтматовдун, Ш. Бейшеналиевдин башка тилдерге которулган китептерин, ошондой эле Токтогул, Тоголок Молдо, А. Токомбаев, Т. Сыдыкбеков, Т. Үмөталиев, К. Маликов сыяктуу жазуучуларга тиешелүү библиографиялык материалдарды бул справочникке сыйдырууга такыр мүмкүн эмес, ошондуктан чыгармасы көп жазуучуларга тиешелүү библиография бул справочникте бир топ кыскартылып берилди. Чоң жазуучулардын ар кимисине атайын библиографиялык көрсөткүч түзүлсө, анда өзүнчө көлөмдүү китеп болмок. Андай көрсөткүчтөрдү түзүү башталды, мисалы, Токтогул, А. Токомбаев, Ч. Айтматов жөнүндө

жеке өзүнө арналган чоң көрсөткүчтөр басмадан чыкты, бирок аларды да толук деп айтууга болбойт.

Окуучуларга тартуу кылынган бул справочниктин библиографиясын түзүүдө Кыргызстанда мурун чыккан био-библиографиялык көрсөткүчтөрдү пайдалануу менен бирге, Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы тарабынан түзүлгөн көп сандаган адабияттык көрсөткүчтөр, библиографиялык карточкалар, китепкананын фондусундагы газеталар, журналдар, китептер, Бүткүл союздук жана Кыргызстан мамлекеттик китеп палаталары түзүп чыгарган журнал жана газеттик макалалардын, китептердин летописттери, алардан башка жазуучулар союзунун мүчөлөрүнүн жеке делолору, кээ бир жазуучулардын өз архивиндеги материалдар пайдаланылды. Айрым жазуучулар өздөрүнүн био-библиографиясын түзүүгө түздөн-түз жардам беришти.

Жазуучулар жөнүндөгү монографиялар, макалалар, рецензиялар айрым жазуучулардын жеке өзүнө (персонально) арналган болсо гана библиографияга алынды. Ал эми бир нече жазуучулардын чыгармаларын талдоо жүргүзгөн же сындаган, же кээ бир маселелер боюнча тийип өткөн жалпы маанидеги макалалар, докладдар справочникке киргизилген жок.

Бул справочникти түзүүдө Советтер Союзунун башка республикаларында, областтарында чыккан ушу типтеги справочниктердин тажрыйбасы эске алынды.

Справочник 1924-жылдан 1976-жылга чейинки библиографиялык маалыматтарды ичине алат.

БАРКТАБАС

АБАКИРОВ



Акын жана журналист Барктабас Абакиров 1933-жылы Нарын областынын Кочкор районундагы Ленин атындагы колхоздо колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Орто мектепти бүтүргөндөн кийин Фрунзедеги К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун зоотехникалык факультетине кирип, аны 1955-жылы ийгиликтүү бүтүрүп чыккан.

Кийин колхоздордо жана совхоздордо зоотехник болуп иштеген. Институтта окуп жүргөндө алгачкы ырлары 1954-жылдан тартып республикалык «Кыргызстан пионери» жана «Ленинчил жаш» газеталарынан жарык көргөн.

Б. Абакиров 1960-жылдан баштап газета кызматына өтөт. 1960—1963-жылдарда «Советтик Кыргызстан» газетасында адабий кызматкер болуп иштеген. 1961-жылы жаш жеткинчектерге арналган «Чаарчык» деген алгачкы ырлар жыйнагы жарык көрөт.

Б. Абакиров 1968—1970-жылдарда Москвадагы КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы жогорку партиялык мектептин журналистика бөлүмүн бүтүрүп келгенден кийин Кыргызстан КП Борбордук Комитетинин аппаратында жооптуу кызматта иштеген.

Б. Абакиров 1961-жылдан бери КПССтин мүчөсү жана СССР журналисттер Союзунун мүчөсү. 1973-жылы СССР жазуучулар Союзунун мүчөлүгүнө кабыл алынган. 1971-жылдан бери Нарын областтык «Нарын правдасы» газетасынын редактору жана журналисттер союзунун областтык бөлүмүнүн председатели болуп иштейт. Партиянын Нарын обкомунун мүчөсү, областтык Советтин депутаты.

Б. Абакиров, «Ардак белгиси» ордени, «Каарман эмгеги үчүн. Владимир Ильич Ленindин туулган күнүнүн жүз жылдыгынын урматына» медалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун грамотасы менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Чаарчык. (Ырлар.) Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1961. 61 бет.
Сапар. (Ырлар) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1965. 117 бет.
Күз күнү. (Ырлар) Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1966. 75 бет.
Тоо таңы. (Ырлар жана поэма.) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969, 100 бет.
Бийик жерде. (Ырлар жана поэма.) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1973. 72 бет.
Нарын агат (Ырлар жана поэма) Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1975, 93 бет.

МАКАЛАЛАРЫ, РЕЦЕНЗИЯЛАРЫ, ОЧЕРКТЕРИ

Кыргыз тилинде

Башкы тема. — «Советтик Кыргызстан», 1972, 5-май.
Жаңы кадам. — «Советская Киргизия», 1973, 5-май.
Гүлдөгөн Монголия. — «Нарын правдасы», 1974, 27-апрель.
Жумушчулар. — «Нарын правдасы», 1974, 28-апрель.
Калемибиз курчуй бермекчи. — «Ленинчил жаш», 1974, 24-сентябрь.
Тоо жаңырткан обондор. — «Нарын правдасы», 1974, 30-октябрь.

ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Карымшаков С. **Акын болсоң айтканга.** «Ленинчил жаш», 1962, 21-ноябрь.

Жүндүбаева Н. **Жаштар чыгармачылыгына ар тараптан жардам.** — «Нарын правдасы», 1974, 29-июнь.

Жүндүбаева. Н. **Жаштар чыгармачылыгына жардам.** — «Кыргызстан маданияты», 1974, 26-сентябрь

Курманкулов **Б. Нарын агат.** «Ленинчил жаш», 1975, 31-декабрь.

УЗАКБАЙ АБДУКАИМОВ

(1909—1963)



Белгилүү котормочу, прозаик, акын жана драматург Узакбай Абдукаимов 1909-жылы Ош областынын Октябрь районуна караштуу Багыш селосунда кедей-дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. 1919-жылы Көк-Арт интернатына кирип, анда 1922-жылга чейин окуйт. 1923-жылы Узакбайдын атасы жергиликтүү кулактар тарабынан жырткычтык менен өлтүрүлөт. 1922-жылдан 1925-жылга чейин У. Абдукаимов Ташкенттеги казак-кыргыз институтунда окуйт. Кийин Фрунзедеги Кыргызстан педтехникумуна которулуп, аны 1929-жылы бүтүрүп чыгат да, мектепте директор болуп иштейт. 1930-жылы СССР элдеринин Москвадагы борбордук басмасындагы кыргыз секциясына иштөөгө жиберилет. Анда бир-эки жыл иштегенден кийин кайра Фрунзедеги тил, адабият жана тарых илим изилдөө институтуна илимий кызматкер болуп иштейт.

1942-жылы У. Абдукаимов Советтик Армиянын катарына чакырылып, немецтик-фашисттик баскынчыларга, япондук милитаристтерге каршы согуштарга катышат. 1945-жылы согуштан кайткандан кийин Кыргызстан мамлекеттик басмасында, жазуучулар союзунда иштеди.

У. Абдукаимовдун чыгармачылык иши 20-жылдардын аягында башталат. Ал акын жана прозаик катары бир нече чыгармаларды жаратат. Кийинчерээк 3-класстын хрестоматиясын түзүп, ага А. С. Пушкиндин «Балык менен балыкчы жөнүндөгү жомогун» которуп басат. Демек, У. Абдукаимов котормочулукка 1933-жылдан баштап киришкен болот. Кийин ал Гоголдун «Текшерүүчү» аттуу пьесасын, «Аршин-мал аланды», Л. Леоновдун «Чабуул», А. Фадеевдин «Жаш гвардиясын», М. Горькийдин көп аңгеме, повесттерин, Пушкиндин «Полтава» поэмасын, «Борис Годунов» драмасын которгон. Кийинки учурда У. Абдукаимов Ата Мекендик согуш темасынан «Майдан» аттуу роман жазды. У. Абдукаимов 1944-жылдан КПССке, 1935-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө болгон.

У. Абдукаимов «Кызыл жылдыз» ордени, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «Кенигсбергди бошоткондугу үчүн», «Японияны жеңгендиги үчүн», «1941—1945-жылдарда Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн» медалдары жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Адабият хрестоматиясы. Башталгыч мектептер үчүн. Фрунзе. Кыргызмамбас, 1933. 71 бет. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1934. 67 бет; дагы: Фрунзе, Кыргызмамбас, 1935, 67 бет; Фрунзе, Кыргызмамбас, 1936. 85 бет; дагы: Фрунзе, Кыргызмамбас, 1937, 103 бет.

Биздин адабият. Хрестоматия. Жети жылдык жана орто мектептердин 7-классы үчүн. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1950. 334 бет. Дагы: Фрунзе, Кыргызмамбас, 1951. 340 бет; дагы: Фрунзе, Кыргызмамбас, 1952. 424 бет; дагы: Фрунзе, Кыргызмамбас, 1953. 404 бет; дагы: Фрунзе, Кыргызмамбас, 1954. 368 бет (К. Арунов менен бирге).

Эне тил. Башталгыч мектептин 3-классы үчүн окуу китеби. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1950. 356 бет; дагы: Фрунзе, Кыргызмамбас, 1951. 351 бет; дагы: Фрунзе, Кыргызмамбас, 1952. 352 бет; дагы: Фрунзе, Кыргызмамбас, 1953. 386 бет; дагы: Фрунзе, Кыргызмамбас, 1954. 372 бет; дагы: Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955—1959. 386 бет (И. Гафаров менен бирге).

Биздин адабият. Хрестоматия 7-класстар үчүн. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1956. 270 бет; дагы: Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1957. 211 бет.

Майдан Роман 1-бөлүк. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1961. 292 бет.

Майдан Роман 2-бөлүк. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1966. 712 бет.

КОТОРГОН КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Сейфуллин С. **Мужуктар.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1932.

Горький М. **Ноң атасы Архип жана Ленька.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1935. 21 бет.

Пушкин А. С. **Балык менен балыкчы жөнүндө жомок.** Фрунзе — Казан, Кыргызмамбас, 1936. 16 бет; дагы: Балык менен балыкчы жөнүндө жомок. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1937. 16 бет.

Гоголь Н. В. **Текшерүүчү.** Беш көшөгөлүү комедия. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1937. 80 бет; дагы: Текшерүүчү. Беш көшөгөлүү комедия. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1952. 96 бет.

Мольер. **Жорж Данден же акмак болгон күйөө.** Үч көшөгөлүү комедия.
Фрунзе — Казан, Кыргызмамбас, 1939. 77 бет.

Пушкин А. С. **Алтын короз жөнүндө жомок.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1940. 16 бет.

Дагы: **Алтын короз жөнүндө жомок.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1949. 18 бет.

Шиваза Я. Чыныдагы жазуу. Ырлар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1948. 120 бет. (Т. Үмөталиев менен бирге.)

Пушкин А. С. **Поп, анын кызматчысы Балда жөнүндө жомок.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1949. 11 бет.

Чехов А. П. **Ванька.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1952. 19 бет.

Горький М. **Аңгемелер.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1952. 68 бет.

Горький М. **Душмандар. Егор Булычев жана башкалар.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1953. 140 бет.

Горький М. **Көрүнгөндүн колунда. Повесть.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1954. 376 бет.

Фадеев А. А. **Жаш гвардия.** Роман I том. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1954. 440 бет.

Фадеев А. А. **Жаш гвардия. Роман 2 том.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 346 бет.

Пенжаб акындары. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 36 бет. (А. Токомбаев, М. Алыбаев менен бирге.)

Чуковский К. **Бибигон.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1959. 63 бет.

МАКАЛАЛАРЫ, РЕЦЕНЗИЯЛАРЫ, ОЧЕРКТЕРИ

Кыргыз тилинде

Алтын доордун ырчысы. (Тоголок Молдонун 80 жылдыгына карата.) «Ленинчил жаш», 1940, 10-июнь.

Суусамыр окуяларынан (Тарыхый очерк) — «Советтик Кыргызстан», 1944, № 7, 14—25-беттер.

Бердибаев Абдрашит. Китепте: Бердибаев А. Ырлар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1949, 3—4-беттер.

Александр Фадеев. (Туулган күнүнүн 50 жылдыгына карата) — «Советтик Кыргызстан», 1951, № 12, 24—28-беттер.

Н. В. Гоголь — «Советтик Кыргызстан», 1952, № 3 20—27-беттер.

Заманыбыздын акыны. (Тоголок Молдо) Китепте: Тоголок Молдо жөнүндө эстеликтер. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 138—139-беттер.

Кенже лейтенанттын күндөлүгүнөн.—«Кыргызстан маданияты», 1967, 24-февраль.

Ак кайың. Пьеса.— «Ала-Тоо», 1970, № 8, 110—112-беттер.

Тоголок Молдо.— «Советская Киргизия», 1940, 10-июнь.

Орус тилинде

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Асанкулов С. **Окуучулар үчүн жараксыз окуу китеби.**— «Ленинчил жаш», 1953, 11-февраль.

Заркунов А. **«Жаш гвардия».** (А. Фадеевдин «Жаш гвардиясынын» котормосу жөнүндө) — «Ала-Тоо», 1958, № 2, 137—144-беттер.

Үмөталиев Т. **Үзүрлүү эмгек урматы.** (У. Абдукаимовдун 50 жашка толушуна карата) — «Ленин жолу», 1959, 18-октябрь.

Үмөталиев Т. **Жазуучу — котормочу.** (У. Абдуканмовдун туулган күнүнүн 50 жылдыгына карата.) — «Советтик Кыргызстан», 1959, 18-октябрь.

Шимеев С. **Таланттуу жазуучу — котормочу.** (У. Абдуканмовдун 50 жашка толушуна карата.) — «Ленинчил жаш», 1959, 18-октябрь.

Узакбай Абдуканмов (50 жашка толушуна карата.) — «Ала-Тоо», 1959, № 10, 113—115-беттер.

Жазуучунун жолу. (У. Абдуканмовдун 50 жашка толушуна карата) — «Кыргызстан пионери», 1959, 21-ноябрь.

Самаганов Ж. **Советтик кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 96—97-беттер.

Жазуучунун юбилейи. (У. Абдуканмовдун 50 жашка толушуна карата.) — «Мугалимдер газетасы», 1959, 23-октябрь.

Артыкбаев К. **Узакбай Абдуканмов.** (50 жашка толушуна карата.) — «Ала-Тоо», 1959, № 10, 113—115-беттер.

Токомбаев А. **«Майдан» романы жөнүндө учкай сөз.** — «Советтик Кыргызстан», 1962, 11-март.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 5—8-беттер.

Камалов А. **Күрөштө курчуган каармандар.** — «Ленин жолу», 1969, 30-январь.

Камалов А. **Күрөштө курчуган каармандар.** — «Кыргызстан маданияты», 1969, 13-август.

Узакбай Абдуканмов. (Жазуучу, драматург, котормочу 1909—1963. **Некролог**) — «Советтик Кыргызстан», 1963, 14-сентябрь.

Босумбаев Б. **Элестүү эки образ.** — «Кыргызстан маданияты», 1971. 31-март.

Орус тилинде

Самаганов Ж. **Советтик кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 105—106-беттер.

Узакбай Абдуканмов **(Некролог)** — «Советская Киргизия», 1963, 14-сентябрь.

Бобулов К. **Жаңы баскыч.** — «Дружба народов», 1968, № 9, 254—260-беттер.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Био-библиографиялык справочник.) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1962, 13—17-беттер.

Удалов Н. **Патрондогу гүл.** (У. Абдуканмов жөнүндө) — «Комсомолец Киргизии», 1972, 12-октябрь.

МАМАСАЛЫ АБДУКАРИМОВ



Советтик кыргыз жазуучуларынын алгачкы муундарынын бири жазуучу, журналист жана котормочу Мамасалы Абдукаримов 1910-жылы Ош шаарына жакын жердеги Жапалак кыштагында кедей-дыйкан үй-бүлөсүндө туулган. 1916-жылдагы ачарчылыкта ата-энеси өлүп, алты жашар Мамасалы томолой жетим калат. 1921-жылы Мамасалы жетимдер үчүн совет өкмөтү тарабынан ачылган Оштогу жетим балдар үйүндө үч жыл тарбияланып, 1924-жылдан 1930-жылга чейин адегенде Ташкенттеги казак-кыргыз агартуу институтунда, кийин Кыргызстандын борбордук педагогикалык техникумунда билим алат да, басма сөз кызматтарында иштейт.

М. Абдукаримов 1939-жылдан бери КПССтин мүчөсү. 1950-жылдан бери СССР жазуучулар Союзуна мүчө. Кыргызстан журналисттер союзу уюшулгандан бери СССР журналисттер Союзуна мүчө.

М. Абдукаримовдун жазуучулук жана журналисттик кесиби педагогикалык техникумда окуп жүргөн мезгилде башталат. Техникумдагы жаш таланттардан болгон Касымалы Жантөшев, Мукай Элебаев, Жоомарт Бөкөнбаев, Узакбай Абдуканмов, Кубанычбек Маликов, Саткын Сасыкбаев менен бирге «Кызыл учкун» ийримин уюштурууга активдүү катышат.

1928-жылы «Кызыл Кыргызстан» газетасына «Курмушунун турмушу» аттуу биринчи аңгемеси жарыяланган. Андан кийин «Карындашым Гүлия» аттуу аңгемеси чыгат.

1931-жылы М. Абдукаримовдун «Кызыл эмгек» аттуу биринчи аңгемелер жыйнагы, 1938-жылы «Турмуш жана күрөш» аттуу экинчи жыйнагы, 1957-жылы «Үзүлбөгөн үмүт» аттуу үчүнчү китеби чыккан. Мындан башка көп сандаган очерктери, аңгемелери, фельетондору республикалык газеталарда, журналдарда үзүлбөй чыгып турат.

Кийин Абдукаримов «Жашагым келет» аттуу трилогия жазды. Анын би-

ринчи китеби 1960-жылы басмадан чыкты. 1962-жылы ушул трилогиянын биринчи китеби орус тилинде жарыяланат.

Ал кыргыз мектептери үчүн адабият хрестоматияларын түзүү жагынан да чоң эмгек сиңирген.

М. Абдукаримов марксизм-ленинизм классиктеринин көп чыгармаларын, КПССтин тарыхын, философия, логика боюнча окуу китептерин которгон. 1932-жылдан бери көркөм адабият котормочусу болуп эсептелет.

Советтер Союзунун экрандарында жүрүп жаткан ондогон көркөм фильмдерди кыргыз тилине которууда да Абдукаримовдун эмгеги көп.

Адабий эмгек менен бирге коомдук ишке да, бай-манаптар, басмачылар менен болгон күрөштөргө да активдүү катышкан.

Көп жылдар бою коомдук жана адабий иштерде сиңирген эмгеги үчүн М. Абдукаримов «Ата Мекендик согуштун I даражадагы ордени», «Ардак белгиси» ордени, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «1941—1945-жылдардагы Ата Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн» медалдары жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун бир нече Ардак грамоталары менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Кызыл эмгек. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1932. 280 бет.

Турмуш жана күрөш. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1937. 155 бет.

Адабият хрестоматиясы. 4-класс үчүн. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1936, 1937, 1938, 1939, 1940, 1941, 1942, 1943, 1944, ж. ж.

Адабият хрестоматиясы. 10-класс үчүн. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1951.

Үзүлбөгөн үмүт. Аңгемелер жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 170 бет.

Болгар жеринде. (Журналисттин күндөлүк дептеринен) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 57 бет.

Жашагым келет. Роман. 1-китеп. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 496 бет.

Жашагым келет. Роман. 2-китеп. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1965. 420 бет.

Жол башы. Повесть жана аңгемелер. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1970. 303 бет.

Орус тилинде

Жашагым келет. (Роман 1-китеп.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 508 бет

КОТОРГОН КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Сейфуллина Л. **Мужуктар.** Фрунзе, Кыргызмамбас. 1932. 102 бет.

Горький М. **Аңгемелер.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1948. 160 бет.

Бубенов М. **Ак кайың.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1950, 407 бет.

Чехов А. П. **Ванька.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1951. 18 бет.

Надь Шандор. **Элдешүү.** Фрунзе, Кыргызмамбас. 1953. 62 бет.

Семен Гарин. **Милиңфан шалынын өрөөнү.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1953. 87 бет.

Дрда Ян. **Кызыл тортиза.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1954. 79 бет.

Рыбак Натан. **Переяслав Радасы.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955. 7 бет.

Короленко В. Г. **Макардын түшү.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 39 бет.

Тургенев И. **Муму.** Фрунзе Кыргызмамбас, 1956. 53 бет.

Горький М. **Чыгармаларынын I тому.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1956. 525 бет.

Горький М. **Шумкар жөнүндө ыр.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 18 бет.

Воинов В. **Из кубар.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 190 бет.

Шолохов М. А. **Көтөрүлгөн дың. 1-китеп.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 350 бет.

Тургенев И. С. **Муму.** 2-басылышы. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1972. 44 бет.

Горький М. **Шумкар жөнүндө ыр.** 2-басылышы. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1972. 13 бет.

МАКАЛАЛАРЫ, РЕЦЕНЗИЯЛАРЫ, ОЧЕРКТЕРИ

Кыргыз тилинде

Кооз адабиятыбыз тууралу.— «Кызыл Кыргызстан», 1929, 17-ноябрь.

«Кызыл Кыргызстан» полиграфиялык базасы. — Китепте: Кызыл Кыргызстан. XV жыл. Фрунзе, Кыргыз ССР. «Кызыл Кыргызстан» басмасы, 1939. 45—52-беттер.

Татыксыз тартуу.— «Советтик Кыргызстан», 1959, 13-декабрь

Жалындуу журналист. — «Советтик Кыргызстан», 1960, 3-декабрь.

Эл достугунун айкын үлгүсү. (Басма күнүнө карата) — «Советтик Кыргызстан» 1961. 4-май.

Ырдын төрөлүшү.— «Жаш ленинчи», 1961, № 6, 13-бет.

Баатыр жүрөк. (Тарыхый очерк) — «Ленинчил жаш», 1968, 19-октябрь

Эки жолугушуу. — «Ленинчил жаш», 1965, 9-май.

Көсөмдүн көктөмү. Публицистикалык очерк.— «Советтик Кыргызстан» 1970, 9—10-апрель.

Жеңилбес армия. (Согуштун баратарынан) — «Советтик Кыргызстан» 1972, 15-март.

Ынтымактын ыргагы. (Оштогу кездеме токуу фабрикасы жөнүндө очерк). — «Советтик Кыргызстан», 1973, 16-март.

Көчөбүздү аралап... Публицистика. — «Советтик Кыргызстан» 1973, 20-апрель.

«Эркин-Тоону» этектеп. (Тарыхый очерк.) — «Ленинчил жаш», 1974, 31-август, 3-сентябрь.

«Эркин-Тоонун» эпкини. — «Кыргызстан маданияты», 1974, 24-октябрь.

«Эркин-Тоо» элестери. (Тарыхый очерк) — «Кыргызстан аялдары», 1974, № 8, 4—6-беттер.

Кеңешчиби. — «Ленинчил жаш», 1974, 5-декабрь

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Бектурсунов С. **«Ак кайың» романынын котормосу жөнүндө.** — «Кызыл Кыргызстан», 1951, 25-июль.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 74—76-беттер.

Артыкбаев К. **Жазуучу, журналист жана котормочу.** (М. Абдукаримовдун 50 жашка толушуна карата.) — «Ала-Тоо». 1960, № 9, 7—10-беттер.

Абдраимов Ж. **Жазуучу жана журналист.** (М. Абдукаримовдун туулган күнүнүн 50 жылдыгына карата). — «Ленинчил жаш», 1960, 2-сентябрь.

Үмөталиев Т. **Жазуучу, журналист жана котормочу.** (М. Абдукаримовдун 50 жашка толушуна карата.) — «Советтик Кыргызстан», 1960, 3-сентябрь.

Жигитов С. **Чыгармачылык өркүндөсүн.** — «Ленин жолу», 1960, 3-сентябрь.

Жунусов К. **Турмушту аралап.** —«Ленин жолу» 1960, 3-сентябрь.

Жунусов К. **Жалындуу ыр.** (М. Абдукаримовдун «Комсомол маршы» деген алгачкы ыры жөнүндө.) «Ленинчил жаш», 1960, 2-сентябрь.

Көрүнүктүү журналист жана жазуучу. (М. Абдукаримовдун 50 жашка толушу жөнүндө.) — «Кыргызстан пионери». 1960, 3-сентябрь.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 9—14-беттер.

Закиров С. **«Жашагым келет» романы жөнүндө.** — «Ала-Тоо», 1962, № 6, 112—116-беттер.

Шериев Ж. **«Жашагым келет»** — «Ленин жолу», 1962, 11-февраль

Бейшекеев Н. **М. Абдукаримовдун «Жашагым келет» романындагы диалектизмдер.**— Китепте: Кыргыз тилинин грамматикасынын жана лексикасынын очерктери. Фрунзе, 1965, 52—71-беттер.

Бапаев Х. **Октябрдын жаңырыгы жөнүндөгү китеп.** — «Ленин жолу», 1967, 13-июнь.

Мукамбаев Ж. **«Жаңырык» романындагы диалектилер.** — «Кыргызстан маданияты», 1969, 22-апрель.

Бапаев Х. **Мезгил жаңырыгы.**— «Ала-Тоо», 1969, № 6, 142—157-беттер.

Мамбетсалиев К. **Жазуучу, журналист жана котормочу.** — «Кыргызстан маданияты», 1970, 14-октябрь.

Бапаев Х. **Өмүрдүн сыймыктуу белеси.** (М. Абдукаримовдун 60 жашка толушу жөнүндө.) — «Мугалимдер газетасы», 1970, 15-октябрь.

Жазуучу, котормочу жана журналист М. Абдукаримов 60 жашта. — «Ала-Тоо», 1970, № 9, 138—140-беттер.

Укаев К. **Калем кайраткери.**— «Советтик Кыргызстан», 1970, 16-октябрь

Орус тилинде

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 84—85-беттер.

Жазуучу, журналист, котормочу. (Мамасалы Абдукаримовдун 50 жашка толгондугуна карата.) — «Советская Киргизия», 1960, 3-сентябрь.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.**— (Био-библиографиялык справочник.) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969. 17—20-беттер.

Сальников А. **Татыктуу наам.** М. Абдукаримовдун 60 жашка толушуна карата. — «Советская Киргизия», 1970, 16-октябрь.



ТОКТОБОЛОТ АБДУМОМУНОВ

Кыргыздын белгилүү драматургу, прозаик, коомдук ишмер Кыргыз ССРинин Токтогул Сатылганов атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери Токтоболот Абдумомунов 1922-жылы Кемин районундагы Атайке селосунда кызматкердин үй-бүлөсүндө туулган.

1938-жылы Т. Абдумомунов Фрунзедеги медицина техникумун ийгиликтүү бүтүрүп, Алай районунун (мурдагы Гүлчө району) Жошолу сельсоветине жиберилет. Бир жарым жылдан кийин Т. Абдумомунов медициналык институтка кирет, бирок ден соолугуна байланыштуу үчүнчү курстан окуусу таштоого мажбур болот. 1941-жылы Кыргызмамбаска адегенде корректор, жарым жылдан соң редактор жана котормочу болуп иштей баштайт.

1942-жылдан 1955-жылга чейин Т. Абдумомунов Кыргызстан республикалык радиокомитетинде редактор, Ош областтык «Ленин жолу» газетасында котормочу, СССР Жогорку Советинин ведомостыларында котормочу жана «Советтик Кыргызстан» журналында бөлүм башчысы болуп иштейт.

1959-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун III съездинде Т. Абдумомунов жазуучулар Союзунун Башкармасынын биринчи секретары болуп шайланат. 1966-жылы Кыргызстан жазуучулар Союзунун IV съездинде жазуучулар Союзунун башкармасынын биринчи секретары болуп экинчи ирет шайланат. Жазуучулардын Бүткүл союздук III жана IV съездеринде Т .Абдумомунов СССР жазуучулар Союзунун секретары болуп шайланат.

Т. Абдумомунов СССР Жогорку Советинин VI, Кыргыз ССР Жогорку Советинин VII, VIII чакырылышынын депутаты болгон.

1960-жылы Кыргызстан компартиясынын XI съездинде Т. Абдумомунов Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөлүгүнө кандидат, ал эми Кыргызстан компартиясынын XII, XIII, XIV, XV съезддеринде Кыргызстан компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү болуп шайланат.

Т. Абдумомунов Азия жана Африка өлкөлөрүнүн тилектештигинин Советтик комитетинин мүчөсү, чет өлкөлөр менен достук жана маданий байланыштын Кыргызстандык коомунун башкармасынын мүчөсү, Бүткүл союздук «Агентство печати новости» коомунун Кыргызстандык бөлүмүнүн председатели.

1959-жылдан тартып Т. Абдумомунов СССР жазуучулар союзунун Башкармасынын мүчөсү, 1953-жылдан бери Кыргызстан театрлар коомунун Башкармасынын мүчөсү.

Т. Абдумомуновдун чыгармачылык баяны 1945-жылдан башталат. 1944-жылы Ош областык «Ленин жолу» аттуу газетасында Советтер Союзунун баатыры Жумабаев тууралу очерки басылып чыгып, окуучулар тарабынан жылуу кабыл алынат. Андан кийин Т. Абдумомунов эмгек баатырларына арналган дагы бир нече очерктерди жазат. 1945-жылдын экинчи жарымынан баштап Т. Абдумомунов пьеса жазууга киришет.

Т. Абдумомуновдун нефть издөөчүлөрдүн татаал жана кызыктуу турмушуна арналган «Кумдуу чап» аттуу туңгуч пьесасы 1947-жылы 6-апрелде Кыргызстан Мамлекеттик академиялык драма театрынын сахнасында коюлуп, ийгилик менен өткөн. Аздан кийин ал пьеса Пржевальск, Нарын шаарларынын театрларында коюлат.

1948-жылы драматург жумушчу табынын турмушунан алып «Замандаштар» аттуу пьесасын жазат, ал эми 1950-жылы интеллигенция турмушунан «Курман» аттуу драматургиялык жаңы чыгармасын жаратат.

1952-жылдан 1957-жылга чейин жазылган «Борбаш», «Тар капчыгай» комедиялары, «Атабектин кызы» жана «Ашырбай» драмалары кыргыз драматургиясына чебер уста келгенин ачык далилдеди.

Т. Абдумомуновдун «Тар капчыгай» сатиралык комедиясы жана «Ашырбай» драмасы, Кыргыз искусствосунун жана адабиятынын Москвада өткөн декадасында ийгилик менен коюлган.

Т. Абдумомуновдун андан кийинки жылдарда жазган «Каркыралар кайтканда», («Амандын атасы согушта өлгөн), «Бюро жүрүп жатат», «Сыйкырдуу таш», «Абийир кечирбейт», «Сүйүү жана үмүт», «Таалай гүлдестеси» аттуу пьесалары республикабыздын театрларынын сахналарында көп жылдар бою түшпөстөн ийгилик менен коюлуп келе жатат.

Көп актылуу пьесалардан тышкары Т. Абдумомунов өздүк көркөм чыгарма кружоктору жана элдик театрлар үчүн бир жана эки көшөгөлүү пьесаларды жаратты. Алар «Ичи тар күйөө», «Эч кимге айтпа» ж. б.

1967-жылы «Сүйүү жана үмүт» менен «Абийир кечирбейт» аттуу пьесалары үчүн Т. Абдумомунов эң алгачкылардан болуп Кыргыз ССРинин Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты деген ардактуу наамга ээ болгон.

Жакыдан өсүп келе жаткан Кыргызстандын кинодраматургиясына да Т. Абдумомунов өзүнүн салымын кошту. Улуу Октябрдын 40 жылдыгына арналган бүткүл союздук конкурста Т. Абдумомуновдун «Алыскы тоолордо» аттуу киносценарийи сыйлыкка ээ болуп, ал сценарий боюнча тартылган кинофильм СССРдин жана социалисттик өлкөлөрдүн экрандарында көрсөтүлгөн. Андан тышкары «Жыл сайын жаз келет» аттуу киносценарий жазат.

2—2164 Китепкана сериясы

Центральная научная библиотека Академии наук Кирг. ССР
189563

Драматургдун бир нече пьесалары, айрыкча «Абийир кечирбейт» драмасы СССРдин көп театрларынын сахналарында коюлган.

Т. Абдумомунов прозаик катары да белгилүү. Ал бир топ очерктерди, аңгемелерди жана роман жазган, алардын айрымдары орус тилине которулган.

Т. Абдумомуновдун кыргыз адабиятынын өнүгүү маселелери боюнча сын жана теориялык көп макалалары бар.

Т. Абдумомунов 1959-жылдан баштап КПССтин мүчөсү, 1947-жылдан бери СССРдин жазуучулар Союзунун мүчөсү.

1972-жылы Т. Абдумомуновго Кыргыз ССРинин искусствосуна эмгек сиңирген ишмери деген ардактуу наам берилген.

1974-жылы 18-майда Кыргыз ССР театрлар Коомунун Пленумунда Т. Абдумомунов Кыргыз ССР театрлар Коомунун Президиумунун председатели болуп шайланат.

Кыргыз адабияты менен искусствосун өнүктүрүүдө сиңирген зор эмгеги үчүн Т. Абдумомунов үч жолу Эмгек Кызыл Туу ордени, «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн», «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалдары, Кыргыз ССР, Украина ССР, Якут АССР Жогорку Советтеринин Президиумунун Ардак грамоталары менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Жакшы адамдар. (Аңгемелер жана очерктер.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955. 188 бет.

Борбаш. (4 көшөгөлүү, 6 сүрөттүү пьеса.) Китепте: Пьесалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 77—136-беттер.

Атабектин кызы. (4 көшөгөлүү, 6 сүрөттүү драма.)

Китепте: **Пьесалар.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 117—183-беттер.

Жүкөш. (Повесть.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1959. 38 бет.

Сүйүү жана үмүт. (Пьесалар.) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1966, 392 бет.

Т. Абдумомунов. 1 томдук. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1973.

Орус тилинде

Т. Абдумомунов. 1 томдук. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1973.

МАКАЛАЛАРЫ, РЕЦЕНЗИЯЛАРЫ, ОЧЕРКТЕРИ

Кыргыз тилинде

Балдарга арналган адабият эмне себептен артта калат? — «Кызыл Кыргызстан», 1948, 13-февраль.

Сырты жалтырак, ичи калтырак китеп тууралу. — «Кызыл Кыргызстан», 1948, 15-февраль.

Мария Ивановнанын баяны. — «Советтик Кыргызстан», 1948, № 8, 26—28-беттер.

Тообай. — «Советтик Кыргызстан», 1950, № 4, 52—63-беттер.

Балдарга арналган адабият жөнүндө чоң камкордук. — «Кызыл Кыргызстан», 1950, 12-май.

Балдарга арналган адабияттын өнүгүшү үчүн. — «Советтик Кыргызстан», 1950, № 6, 49—51-беттер.

Алтын апа. — «Советтик Кыргызстан», 1950, № 7, 32—36-беттер.

Ленин атындагы кыштак. — «Кызыл Кыргызстан», 1950, 1-октябрь.

Көл жээгинде. — «Кызыл Кыргызстан», 1950, 19-август.

Жаркын келечек. — «Кызыл Кыргызстан», 1951, 16-апрель.

Жылдыздуу асман. — «Кызыл Кыргызстан», 1951, 13-май.

Көл четинде. — «Советтик Кыргызстан», 1954, № 11, 9—30-беттер.

Кыргыз элинин көрүнүктүү прозаиги жана драматургу. (К. Жантөшевдин 50 жылдыгына карата.) «Советтик Кыргызстан», 1955, № 1, 75—79-беттер; «Ленинчил жаш», 1955, 26-январь.

Токтоболот Абдумомунов. — «Ала-Тоо», 1958, № 8, 97-бет.

Драматургиянын дагы жогорулашы үчүн. — «Ала-Тоо», 1960, № 2, 120—122-беттер.

Адабияттын айрым маселелери тууралу. — «Советтик Кыргызстан», 1961, 7-октябрь.

Поэзия жана азыркы замандын темасы. — «Ала-Тоо», 1961, № 10, 92—104-беттер.

Бир боордоштор, силерге чын жүрөктөн салам! — «Советтик Кыргызстан», 1962, 7-сентябрь.

Эл үчүн жашаш, эл үчүн иштеш. — «Ала-Тоо», 1963. № 2, 3—9-беттер.

Ала-Тоонун жарчысы. — «Советтик Кыргызстан», 1963, 23-апрель.

Тоолор менен өзөндөр жарчысы. (Ч. Айтматов жөнүндө.) — «Советтик Кыргызстан», 1963, 23-апрель.

Драматургиянын негизги маселелери. — «Советтик Кыргызстан», 1964, 29-февраль.

Кыргыз драматургиясынын абалы жана өнүгүү жолдору. — Ала-Тоо», 1964, № 3, 99—110-беттер.

«Кандай аял тууду экен Лениндей ууланду». (Токтогул Сатылгановдун туулган күнүнүн 100 жылдыгына карата.) — «Советтик Кыргызстан», 1964, 29-апрель.

Премияң менен куттуктайбыз, Чыңгыз! — «Ала-Тоо», 1964, № 5, 6 бет.

Кыргыз элинин сыймыгы. — «Кыргызстан аялдары», 1964, № 7, 6-7-беттер.

Искусствонун тоолору бийик. (К. Жантөшевдин 60 жылдыгына карата.) «Советтик Кыргызстан», 1964, 20-сентябрь.

Улуу акындын юбилейине карата. (Токтогул Сатылганов жөнүндө.) «Советтик Кыргызстан», 1965, 14-март.

Токтогул жөнүндө баян. — «Советтик Кыргызстан», 1965, 15-июнь.

Азыркы кыргыз адабиятынын абалы жана максаттары тууралу. — «Ала-Тоо», 1966, № 2, 3—8-бетте.

Горький тууралу баян. — «Кыргызстан маданияты», 1966, 27-март.

Шота Руставели жана кыргыз адабияты. (Шота Руставелинин туулган күнүнүн 800 жыл толгонуна карата.) «Советтик Кыргызстан», 1966, 26-сентябрь.

Турмушта артта калбаш керек.— «Советтик Кыргызстан», 1967, 30-ноябрь.

Жаңы үмүттөр. — «Кыргызстан маданияты», 1968, 4-январь.

Революциянын бороону тууралу сөз. (Бүгүн Алексей Максимович Горькийдин туулганына 100 жыл толот). «Ленинчил жаш», 1968, 28-март.

Революциянын жарчысы. (Алексей Максимович Горькийдин туулганынын 100 жылдыгына карата.) — «Советтик Кыргызстан», 1968, 28-март.

Бороон кабарчысы жөнүндө сөз. — «Ленинчил жаш», 1968, 28-март.

Революциянын жарчысы. (Алексей Максимович Горькийдин туулганынын 100 жылдыгына карата.) — «Советтик Кыргызстан», 1968, 28-март.

Боордош элдердин адабий байланышы. — «Советтик Кыргызстан», 1968, 12-сентябрь.

Жакшы каалоолорубуз менен. (Кыргыз искусствосу менен адабиятынын Өзбекстандагы декадасына карата) — «Советтик Кыргызстан», 1969, 5-сентябрь.

Элден алып, элге тартуулайбыз. — «Ленин жолу» 1971, 13-февраль.

Эл үчүн кызмат өтөйбүз. — «Кыргызстан маданияты», 1971, 10-март.

Келечекки китептердин кейипкерлери.— «Кыргызстан маданияты», 1971, 24-март.

Кыргызстан жазуучулар союзунун V съезди. (Докладдын баяндамасы.) — «Кыргызстан маданияты», 1971, 19-май.

Адамдарга бир нерсе айткым келет.— «Ленинчил жаш», 1971, 29-июнь.

Элге кызмат кылуу — адабиятчылардын милдети. (Доклад) — «Коммунист», 1971, № 6, 8—43-беттер.

Турмушка терең сүңгүсөк. — «Кыргызстан маданияты», 1973, 1-ноябрь.

Улуу чебер. (М. Рыскулов жөнүндө.) — «Кыргызстан маданияты», 1974, 7-февраль.

Өркүндөгөн искусство. — «Кыргызстан маданияты», 1974, 17-октябрь.

Орус тилинде

Көрүнүктүү кыргыз драматургу. (Касымалы Жантөшевдин туулганынын 50 жылдыгына карата.) «Советская Киргизия», 1965, 25-январь.

Турмуштук чындык үчүн. — «Советская Киргизия», 1958, 14-октябрь.

Улуу акын. — «Советская Киргизия», 1960, 12-июнь.

Тарыхый үлгү. — «Советская Киргизия», 1961, 1-январь.

Театр жана драматургдар. — «Литературный Киргизстан», 1961, № 1, 64—78-беттер.

Азыркы заман жана поэзия. — «Литературный Киргизстан», 1961, № 6, 83—90-беттер.

Биздин компас бүгүнкү күндө. — «Литературный Киргизстан», 1962, № 4, 24—34-беттер.

Кош келиңиздер, кымбаттуу достор! — «Советская Киргизия», 1962, 21-июнь.

Жүрөктөн чыккан жалындуу салам, силерге, орус досторубуз! — «Советская Киргизия», 1962, 7-сентябрь.

Поэзияда болгон чыныгы жана жалган изденүүлөр. — СССР жазуучулар союзунун IV пленумунда сүйлөгөн сөз.) — «Литературная газета», 1963, 28-март; «Советская Киргизия», 1963, 3-апрель.

Алкыш сага, бир тууган! — «Литературный Киргизстан», 1963, № 3, 15—17-беттер.

Эмгектин сонун поэзиясы. — «Советская Киргизия», 1963, 23-апрель.

Элдин, замандын алдындагы милдет. — «Советская Киргизия», 1963, 18-май.

Драматургдар баяндашат. («Ыйык таштар» аттуу жаңы пьесасы тууралу бир нече сын.) — «Советская культура», 1963, 17-август.

Художник алыска көз чаптырат. (Художник Ильинанын чыгармачылыгы тууралу.) — «Советская Киргизия», 1964, 9-январь.

Биздин драматургиянын негизги маселелери. — «Советская Киргизия», 1964, 29-февраль.

Биздин ийгиликтер, биздин камылгалар. — «Дружба народов», 1964, № 2, 265—271-беттер.

Адабияттын улуу жылы.— «Ленинский путь», 1964, 8-март.

Зор изденүүнүн мезгили.— «Советская Киргизия», 1964, 27-март.

Улуу акын тууралу сөз.— «Литературная газета» 1965, 15-июнь, — «Советская Киргизия», 1965, 15-июнь.

Тянь-Шань тоолорунун булбулу.— «Правда Востока», 1965, 20-июль.

Дайыма биз менен.— «Советская Киргизия», 1965, 10-сентябрь.

Жаштарга арналган сөз.— «Комсомолец Киргизии», 1966, 10-июль.

Эл үчүн, элдин урматы үчүн.— «Советская Киргизия», 1966, 14-июль.

Достугубузду сактап, өөрчүтөбүз. (Кыргыз адабиятынын Якутиядагы жумалыгына карата.)— «Социалистическая Якутия», 1966, 24-август.

Достук-бакыттын чокусу.— «Советская Киргизия», 1966, 14-сентябрь.

Бирдиктүү советтик адабият.— «Литературный Киргизстан», 1967, № 2, 4—5-беттер.

Чоң, кызык сөздөр күтөбүз.— «Советская Киргизия», 1967, 21-май.

Жетилгендик.— «Советская Киргизия», 1967, 4-июнь.

Адабияттардын чыңалган тууганды гы.— «Литературный Киргизстан», 1968, № 4, 4—7-беттер.

Бир тууган адабияттардын майрамы.— «Советская Киргизия», 1968, 18-сентябрь.

«Атабаевчилерге» күлүү. (Интервью) — «Комсомолец Киргизии», 1969, 15-май.

Жакшы каалоолорубуз менен.—«Советская Киргизия», 1969, 5-сентябрь.

Күнөстүү Кыргызстандын адабияты.— «Кизил Узбекстон», 1969, 12-сентябрь.

Биз — тууганбыз.— «Правда Востока», 1969, 12-сентябрь.

Көркөм сөздүн чеберлери. (Кыргызстан маданиятынын Латвиядагы күндөрү). «Ригас Балсс», 1969, 15-сентябрь.

Художниктин канаты.— «Литературный Киргизстан», 1970, № 2, 9—14-беттер.

Биздин чыгармачылык түшүм.— «Советская Киргизия», 1971, 24-январь.

Мезгил милдеттендирет.— «Комсомолец Киргизии», 1971, 26-январь.

Жогорку идеялуулук жана чеберчилик үчүн.— «Советская Киргизия», 1971, 8-май.

Мезгилге жооп керчилик.— «Литературный Киргизстан», 1971, № 1, 3—5-беттер.

Партия үчүн, эл үчүн иштөө.— «Литературный Киргизстан», 1971, № 3, 4—34-беттер.

Келечекки китептердин каарманы.— «Литературная газета», 1971, 17-март.

Жаш жанр.— «Култура и життя», 1971, 24-октябрь.

Түбөлүктүү сүйүү. (Таалайдын гүлдөрү.) — Москва, ВУОАП, 1972, 501 бет.

Жаңыртылган жерде. (Кыргызстандын экономикасынын жана маданиятынын өсүшү үчүн СССРдин бир тууган элдеринин көрсөткөн жардамынын мааниси тууралу.)— «Советская Киргизия», 1967, 26-май.

Кыргыз адабиятынын өөрчүшүнүн маселелери.— «Советская Киргизия», 1967, 4-июнь.

Манастын жаңыртылган жеринде. (Кыргызстан маданиятынын Совет бийлиги орногон жылдардын ичинде өсүшү.)— «Знамя труда», 1967, 10-июль.

Улуу сөз чебери. (Алексей Максимович Горькийдин туулганына 100 жыл.)— «Советская Киргизия», 1968, 28-март.

Адабияттардын күч алган бир тууганды гы.— «Литературный Киргизстан», 1968, № 4, 4—7-беттер.

Англис тилинде

Тарых жолу.— Moscow News 1960, 7-ноябрь.

Француз тилинде

Тарых жолу.— Les Neuvelles de Moscou. 1960, 7-ноябрь.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Эшмамбетов К. «Кумдуу чап».— «Кызыл Кыргызстан», 1947, 22-апрель.

Султаналиев Н. «Жүкөш».— «Ленинчил жаш», 1950, 8-декабрь.

Исмаилов А. «Борбаш» комедиясы жөнүндө.— «Кызыл Кыргызстан», 1953, 23-февраль.

Жумабаев Б. «Атабектин кызы» жөнүндө.—«Советтик Кыргызстан», 1958, № 1, 86—92-беттер.

Субанбеков Ж. Токтоболот Абдумомунов.— «Советтик Кыргызстан», 1958, 2-июль.

Жакиев Б. Орчундуу драма. (Ашырбай драмасы тууралу.) «Ала-Тоо», 1958, № 9, 137—142-беттер.

Самаганов Ж. Советтик Кыргызстан жазуучулары. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 85—86-беттер.

Токтобаева Р. Кыргызстандын адабияты. (Био-библиографический справочник.) Фрунзе, 1958, 119—120-беттер. (Кыргыз ССРинин мамлекеттик республикалык Н. Г. Чернышевский атындагы китепканасы.)

Борбугулов М. «Тар капчыгай» жана сатиралык комедиянын маселелери.— «Ала-Тоо», № 8, 130—116-беттер.

Жумабаев Б. Татыктуу чыгарма. («Амандын атасы согушта курман болгон» пьесасы тууралу.)— «Советтик Кыргызстан», 1962, 28-январь.

Абдраманов Ш. Элинин ардактуу уулу.— «Ленин жолу», 1962, 9-март.

Султанов О. «Амандын атасы согушта курман болгон».— «Ала-Тоо», 1962, № 7, 122—123-беттер.

Асанбеков С. Акындын үмүтү. (Кыргыз драма театрында «Токтогул» пьесасынын коюлушу.)— «Советтик Кыргызстан», 1962, 31-декабрь.

Шимеев С. «Абийир кечирбейт». («Абийир кечирбейт» драмасынын коюлушу тууралу.)— «Советтик Кыргызстан», 1962, 31-декабрь.

Борбугулов М. Башы бузукту жазалоо жана Жыпаргүлдүн тагдыры. («Атабектин кызы» пьесасынын коюлушу тууралу.)— «Ала-Тоо», 1963, № 2, 118—127-беттер.

Артыкбаев К. «Сыйкырдуу таштар».—«Советтик Кыргызстан». 1964, 10-май.

Тойбаев М. Адамдардын чыныгы достугу. («Сыйкырдуу таштар» пьесасы тууралу.)— «Мугалимдер газетасы», 1964, 19-сентябрь.

Токомбаев А. Кубанычтуу окуя— «Советтик Кыргызстан», 1964, 15-сентябрь.

Асанбеков С. «Абийир кечирбейт».— «Ленинчил жаш», 1964, 20-сентябрь.

Тынымсеитова Ж. «Абийир кечирбейт» аттуу Тянь-Шань театрынын жаңы оюну.— «Советтик Кыргызстан». 1965, 7-февраль.

Юсупов К. «Абийир кечирбейт». — «Ала-Тоо», 1965, № 3, 121—123-б.

Мияшев Т. «Токтогулдун сүйүүсү жана үмүтү».— «Ленин жолу 1965, 8-июль.

Калдыбаев К. Акыйкаттыктын үнү. («Абийир кечирбейт» жана «Сүйүү жана үмүт» пьесаларынын коюлушу тууралу.) — «Ленинчил жаш», 1966, 18-декабрь.

Асанбеков С. Ишенич кайтып келди. — «Кыргызстан маданияты», 1967, 21-январь.

Маликов К. «Жаңырык» романы жөнүндө. — «Советтик Кыргызстан», 1967, 30-апрель.

Осмоналиев К. Өмүр жолу. (Жазуучу — драматург Т. Абдумомунов.) — «Ала-Тоо» 1967, № 7, 3—10-беттер.

Тойбаев М. Адамгерчилик жана чыгармачылык. — «Ала-Тоо», 1967, № 7, 10—12-беттер.

Орус тилинде

«Тар капчыгай».— «Советская Киргизия», 1958, 4-октябрь.

Брудный Д. **Драматургдун өсүшү.** «Советская Киргизия», 1958, 21-октябрь.

Ермаков В. **Жаңы-Алыштык бозой.** — «Московксая правда», 1958, 25-октябрь.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас 1958, 94—95-беттер.

Лосев Д. С. Морозов О. Д. **Кыргызстан адабияты.** (Био-библиографиялык справочник.) Фрунзе, 1958, 108—109-беттер. (Н. Г. Чернышевский атындагы Кыргыз ССРинин мамлекеттик республикалык китепканасы.)

Львов Н. И. **Абдумомунов Токтоболот.** Китепте: Театралдык энциклопедия. Москва, «Советская энциклопедия» басмасы, 1961. т. 1, 122-бет.

Абдун М. **«Абийир кечирбейт».** — «Комсомолец Киргизии», 1962, 26-декабрь.

Абдумомунов Токтоболот. Китепте: Кыскача адабият энциклопедиясы. Москва, «Советская энциклопедия» басмасы, 1962. 32-бет.

Пименов В. **Драматургдардын ынтымактуу биригиши.**— «Советская Киргизия», 1963, 5-январь.

Аксаков М. **«Абийир кечирбейт».** (Т. Абдумомуновдун драмасынын Фрунзедеги орус драма театрынын сахнасында коюлушу тууралу.) — «Советкая Киргизия», 1963, 9-март.

Элге, элдин урматына арналган чыгармачылык! (Кыргызстан жазуучулар союзунун Башкармасынын секретары Т. Абдумомунов менен жолугушуу.) — «Ленинский путь», 1963, 8-апрель.

Баршай А. **Туулган күн жана үйлөнүү той күнү.** («Абийир кечирбейт» аттуу Т. Абдумомуновдун пьесасынын коюлушу тууралу.) — «Советская Киргизия» 1963, 9-март.

Артюхов О. **Ийгиликтер жана каталар.** (Т. Абдумомуновдун «Сыйкырдуу таштар» аттуу спектаклинен кийин келген ойлор.) — «Комсомолец Киргизии», 1964, 19-апрель.

Сальников А. **Өрчүгөндүктүн күбөөсү.** (Т. Абдумомуновдун «Сыйкырдуу таштар» пьесасынын коюлушу.) — «Советская Киргизия», 1964, 16-май.

Кыргыз пьесалары Москванын театрларында. — «Советская Киргизия» 1964, 7-ноябрь.

Достор менен бирге. (Кишиневдогу орус драматеатрынын сахнасында Т. Абдумомуновдун «Абийир кечирбейт» пьесасынын коюлушу тууралу.) — «Огонек», 1964, № 44, 40-бет.

Баатырдык замандын искусствосу.—«Коммунист», 1964, № 10, 26—48-беттер.

Жаңы ийгиликтерге. — «Театр» 1964, № 11, 3—10-беттер.

Левитина В. **Жаш режиссердун эки спектакли.**— «Советская Киргизия», 1965, 9-январь, 14-январь.

Барабан Л. **Досторун сени менен бирге, Нурдин.**— «Литературная Украина», 1965, 20-август.

Биздин замандын ырчысы. — Токтогул атындагы премияга көрсөтүү. (Т. Абдумомуновдун чыгармачылыгы тууралу.) — «Советская Киргизия», 1966, 25-декабрь.

СУБАНЫЛДА АБДЫКАДЫРОВА



Акын Субанылда Абдыкадырова 1935-жылы Чүй өрөөнүндөгү Калинин районуна караштуу Сары-Булак айлында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1949-жылы С. Абдыкадырова педагогикалык окуу жайына, кийин Фрунзедеги аялдар институтуна өтүп, аны 1957-жылы бүтүрүп чыгат. «Ленинчил жаш» газетасынын, «Кыргызстан аялдары» журналынын, «Кыргызстан маданияты» газетасынын редакцияларында иштейт. Азыр «Ала-Тоо» журналында эмгектенип жатат.

С. Абдыкадыровanын чыгармачылык иши 1953-жылы башталган. Анын биринчи ырлары «Кыргызстан пионери» газетасы, «Жаш ленинчи» журналына чыгат.

1958-жылы кыргыз тилинде «Булак» аттуу жыйнагы, орус тилинде «Сүйүү келди» аттуу ырлар жыйнагы Москвадагы «Молодая Гвардия» басмасынан чыккан. Азыр ондон ашык китептердин автору.

С. Абдыкадыровanын айрым ырлары украин, өзбек, тажик, казак, хакас ж. б. СССР элдеринин тилдерине, кээ бир ырлары англис, италия, немец, япон тилдерине которулган.

С. Абдыкадырова 1975-жылдан тартып КПССтин, 1958-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө.

1958-жылы Кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвада өткөн декадасынын катышуучусу. Үзүрлүү эмгегинин натыйжасында «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «Каарман эмгеги үчүн. Владимир Ильич Лениндин туулган күнүнүн жүз жылдыгынын урматына» медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Булак. Ырлар жана поэмалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1959. 68 бет.

Кыз кыялы. Ырлар жана поэмалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1961. 111 бет.

Калыйпа. (Поэма) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1963. 24 бет.

Чырак (Ырлар) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1966. 145 бет.

Чыгыш кызы. (Ырлар жана поэмалар) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969. 89 бет.

Аппак гүлдөр. (Ырлар жана поэмалар) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1972. 123 бет.

Жер жыты. (Ырлар жана поэмалар) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1974. 150 бет.

Орус тилинде

Арчанын саясында. (Лирикалар) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 74 бет.

Сүйүү келди. (Ырлар) М., «Молодая гвардия», 1958, 67 бет.

Из. (Ырлар). Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1971, 78 бет.

МАКАЛАЛАРЫ, РЕЦЕНЗИЯЛАРЫ, ОЧЕРКТЕРИ

Кыргыз тилинде

Түнкү оттор. Очерк.— «Кыргызстан маданияты», 1967, 9-июнь.

Музыка. (Фрунзедеги № 3 музыкалык мектеп жөнүндө.)—«Кыргызстан аялдары», 1971, № 5, 12—13-беттер.

Теманын кени элде. (Ысык-Көл областындагы поэзия күндөрү.)— «Кыргызстан маданияты», 1971, 1-декабрь.

Достук жолугушуулар.— «Кыргызстан маданияты», 1972, 19-октябрь.

ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Слащев Е. **Жаш акындын поэмасы.** (Кыргыз искусствосу менен адабиятынын Москвадагы декадасы)— «Советтик Кыргызстан», 1958, 27-сентябрь.

Маймулов С. **Жаштардын жалындуу акындары.** (Кыргыз искусствосу менен адабиятынын Москвадагы декадасы)— «Ленинчил жаш», 1958, 8-октябрь.

Самаганов Ж. **Акын кыз-келиндерибиз.** (Кыргызстан искусствосу менен адабиятынын Москвадагы декадасы)— «Кыргызстан аялдары», 1958, № 10, 14—17-беттер.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 160 бет.

Субайылда Абдыкадырова.— «Ала-Тоо», 1958, № 9, 100 бет.

(Декаданын катышуучусу өзүнүн даярдыгы жөнүндө айтат)

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962, 23—25-беттер.

Жумагулов Ж. **Тоо кызынын поэмасы.**— «Ленинчил жаш», 1968, 27-февраль.

Субайылда Абдыкадырова — Чыгармачылык ойлор, пландар.—«Кыргызстан маданияты», 1968, 6-март.

Субайылда Абдыкадырова. **«Жүрөк толкуйт».**— «Кыргызстан маданияты», 1972, 7-сентябрь.

Кыдырбаева Р. З. **Ырдын алтын дарбазасы.**— «Кыргызстан маданияты» 1973, 22-март.

Орус тилинде

Фиксин С. А. **Жолуң ачылсын!**— «Литературный Киргизстан», 1957, № 6, 7 бет.

Оранская Е. **Чынчыл поэзия.**— «Комсомолец Киргизии», 1958, 13-июль.

Сасыкбаев С. **Төртөөнүн тагдыры.**— «Комсомольская Правда», 1958, 14-октябрь.

Сякин В. **Автор жөнүндө.**— Китепте: Абдыкадырова С. Сүйүү келди. Ырлар. М., «Молодая гвардия», 1958, 66—67-беттер.

Левин Григорий. **Өз үнү.**— «Комсомольская Правда», 1958, 16-октябрь.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 177—179-беттер.

Лосев Д. С., Морозов О. Д. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык көрсөткүч. Фрунзе, 1958, 120—121-беттер.
(Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы.)

Варнавских А. **Чыныгы поэзия.**— «Советская Киргизия», 1960, 24-январь.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969. 30—32-беттер.

Субайылда Абдыкадырова. Толкундаган жолугушуулар.— «Советская Киргизия», 1972, 11-октябрь.

Удалов Н. **Жолундан тайба.**— «Комсомолец Киргизии», 1963, 24-июль.

Федотова М. **Жароокерликтин дүйнөсү.**— «Советская Киргизия», 1973, 27-ноябрь.



ЖОЛДОШБАЙ АБДЫКАЛЫКОВ

Акын Жолдошбай Абдыкалыков 1935-жылы 21-майда Ысык-Көл области, Ысык-Көл районунун Таштак селосунда дыйкандын үй-бүлөсүндө туулган. Атасы 1942-жылы согушта курман болгон. Ж. Абдыкалыков 1953-жылы Таштак орто мектебин бүтүргөн. Бир жылча бир тууган колхозунда колхозчу жана Рыбачье шаарындагы эт комбинатында жумушчу болуп иштеген.

1954-жылы Кыргыз мамлекеттик университетине кирип, 1959-жылы филология факультетин ийгиликтүү бүтүрүп чыккан. Бүтөрү менен Фрунзедеги № 9 орто мектепте мугалим болуп иштеген. 1960-жылдан бери «Ленинчил жаш», «Жаш Ленинчи» газета, журналдарынын редакцияларында иштейт. Азыр «Кыргызстан пионери» газетасынын редактору. Алгачкы ыры 1956-жылы «Добуш берем» деген ат менен «Ленинчил жаш» газетасына жарыяланган.

1961-жылы Кыргызстан мамлекеттик басмасынан жарык көргөн «Кыргызстан» аттуу ырлар жыйнагы жаш акындын алгачкы саамалыгы, ийгилиги катары бааланган. Азыр ал ондон ашык китептердин автору.

Ж. Абдыкалыков 1965-жылдан бери КПССтин мүчөсү, 1963-жылдан СССР журналисттер Союзуна, 1967-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө.

1970-жылы «Ак толкундар» аттуу ыр жыйнагы үчүн Кыргызстан Ленин комсомолу атындагы сыйлыктын лауреатына татыктуу болгон.

Акындын ыр, поэмалары орусча которулуп, борбордук басмаларда нечен ирет жарыяланган. Ошондой эле анын айрым ырлары союздук республикалардын элдеринин тилдеринде жана англис, болгар тилдеринде которулуп басылган.

Ж. Абдыкалыков котормочу катарында да белгилүү. Ал белгилүү акындар В. Маяковскийдин, С. Есениндин, Н. Рыленковдун, Л. Татьяничеванын,

Тарас Шевченконун, Леся Украинканын, Борислав Степанюктун ыр, поэмаларын жана боордош элдердин бир топ акын, жазуучуларынын чыгармаларын кыргыз тилине которгон.

Ж. Абдыкалыков кыргыз адабиятына сиңирген эмгеги үчүн Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун грамоталары менен сыйланган. «Эл агартуунун отличниги» деги значок, ВЛКСМдын жана Кыргызстан ЛКСМ борбордук Комитетинин Ардак грамоталары менен бир нече жолу сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Жылдызстан. (Ырлар жана поэма) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1961, 159 бет.

Сальников А. **Бак гүлдөрү.**— «Комсомолец Киргизии», 1974, 22-июнь.



КАЛЫК АКИЕВ

(1883—1953)

Кыргыз элинин атактуу эл ырчысы, төкмө акын Калык Акиев 1883-жылы Тянь-Шандын азыркы Жумгал районунун Кара-Ой деген жеринде туруучу Аки деген кедей, кол өнөрчү жана мергенчи адамдын үй-бүлөсүндө туулган. Калыктын атасы Аки Жумгалдагы манаптардын ыгым-чыгымына чыдабай Кетмен-Төбөдөгү Чаткарагай деген жерге көчүп кетет.

Калык жашынан чыйрак чыкты. Он төрт жашка келгенде байларга жалданып иштеп, үй-бүлөнү багууга жардамдашты. Ошол кезде эле зээндүү жаш бала уккан ырларын жаттап алып, чогулган элге ырдап, өзү да ыр чыгара баштаган. Албетте революцияга чейин Калык көп ырлар чыгарган болуш керек, бирок сакталган эмес. Акындын эсинде «Жокчулук» жана «Токтогул менен учурашуу» деген сыяктуу айрымдары гана сакталып калган. Калыктын чыгармачылыгына Токтогул чоң жардам берген. Калыктын талантын биринчи эле кезигишкенде байкап, шакирт кылып алган.

Улуу Октябрь социалисттик революциясы Калыктын талантына талант кошуп, канатын жетилтти.

К. Акиев 30-жылдарда ар түрдүү темада ырлар жана «Күлүсүн» аттуу поэма жазды. Басымдуу мотиви Октябрь революциясынын жемишин даназалоо, Коммунисттик партия, В. И. Лениндин жолун күүгө салуу болду.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында К. Акиев жалындуу патриоттук ырлары менен тылдагы элди баатырдык эмгекке, жоокерлерди жер дүңгүрөткөн эрдикке мобилизациялады. Фашисттердин талкаланып жецилишин «Фашисттин туусу кулады», «Улуу жеңиш», «Шандуу күн», «Куттуу болсун жеңиш менен келишиң» деген ырлар менен шандуу тосуп алган.

К. Акиев 1936-жылы Кыргызстан мамлекеттик филармониясына артист болуп кирет. Ошол эле жылы анын биринчи ырлар жыйнагы чыккан. Ошондон бери ондон ашык китеби жарык көрдү.

Калыктын айтуусу боюнча «Жаныш-Байыш», «Курманбек» эпостору жазылып алынган.

Токтогул Сатылгановдун чыгармаларын жыйноодо Калыктын эмгеги зор. Калыктын жаздыруусу менен Токтогулдун ырлары 1938-жылдан баштап китеп болуп чыга баштайт.

Кыргыз адабияты менен искусствосунун майданында сиңирген эмгеги үчүн К. Акиев 1939-жылы «Ардак белгиси» ордени менен сыйланган. Искусстводогу эмгеги үчүн Кыргыз ССРинин Эл артисти деген наам берилген. «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун грамотасы менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Калыктын ырлары. (Ырлар жыйнагы) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1936. 105 бет.

Калыктын ырлары. Фрунзе — Казан, Кыргызмамбас, 1937. 116 бет.

Ач карышкыр. (Жомок) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1939. 24 бет.

Кедейкан. (Поэма) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1938. 173 бет.

Курманбек. (Поэма). Фрунзе, Кыргызмамбас, 1938. 155 бет.

Өлбөс баатыр. Фрунзе — Казан, Кыргызмамбас. 1940. 22 бет.

Ырлар жана поэмалар. Фрунзе — Казан, Кыргызмамбас, 1940. 111 бет.

Ырлар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1948. 55 бет.

Ырлар жана поэмалар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1949, 83 бет.

Ырлар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1950. 123 бет.

Ырлар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1954. 186 бет.

Курманбек. (Баатырдык эпос) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 139 бет.

Ырлар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 280 бет.

Өткөн күндөр. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1964. 228 бет.

Курманбек. Жаныш Байыш (эпос). Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1970. 384 бет.

Тандалган чыгармаларынын бир томдук жыйнагы. Фрунзе, «Кыргызстан», басмасы, 1972. 503 бет.

Ач карышкыр. Жомок. Бөбөктөр үчүн. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1973. 20 бет.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Бөкөнбаев Ж. Калык. Китепте: Акиев. Калыктын ырлары. Ырлар жыйнагы. Фрунзе — Казан, Кыргызмамбас, 1936, 7—19-беттер.

Дөгдуров М. Эл ырчысы Калык тууралу.— «Кызыл Кыргызстан», 1936, 6-июнь.

Бөкөнбаев Ж. Калык Акиев.— «Кызыл Кыргызстан», 1938, 28-апрель.

Эл акыны Калык.— «Кызыл Кыргызстан», 1953, 4-ноябрь.

Калык Акиев (Некролог) — «Кызыл Кыргызстан», 1953, 4-ноябрь.

Маликов К. **Таланттуу, элдик ырчы.**— «Советтик Кыргызстан», 1953, № 12, 74—78-беттер.

Сулайманов Д. **Калык Акиев.** Китепте: Акиев К. Тандалган ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 3—9-беттер.

Шүкүрбеков Р. **Карыя ырчынын кол жазмасы.**— «Ала-Тоо», 1960, № 4, 54—55-беттер.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 21—22-беттер.

Токтобаева Р. Кыргызстандын адабияты. Био-библиографиялык көрсөткүч. Фрунзе, 1958, 26—27-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы.)

Байкожоев С. **Эл ырчысы Калык.** Фрунзе, 1960, 89-бет. (Кыргыз ССР Илимдер Акад. тил жана адабият институту.)

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962, 62—66-беттер.

Маликов К. **Калык ырчынын жарыяланбаган мурастары.** «Советтик Кыргызстан», 1963, 22-сентябрь.

Байкожоев С. **Элдин сүйгөн ырчысы.** (Калык Акиевдин туулган күнүнө 80 жыл) — «Ала-Тоо», 1968, № 9, 97—105-беттер.

Сыдыков А. **Эл ырчысы.** (Калык Акиевдин туулганына 80 жыл толушуна карата) — «Мугалимдер газетасы», 1963, 5-октябрь.

Абдраимов Ж. **Жаңырган элдин жарчысы.** (Калык Акиев жөнүндө) — «Ленинчил жаш», 1964, 10-июль.

Байкожоев С. **Калык ырчынын эстелиги.** (Калык Акиевдин туулган күнүнө 80 жыл) «Советтик Кыргызстан», 1964, 10-июль.

Токомбаев А. (Балка) **Коммунист, патриот, күжүрмөн.**— «Советтик Кыргызстан», 1964, 10-июль.

Чоробаев А. **Дайыма эскерем.** (Калык Акиев жөнүндө) — «Ленинчил жаш», 1964. 10-июль.

Мамыров М. **Калык акын — жомокчу.**— «Мугалимдер газетасы», 1964, 11-июль.

Кудайбергенов К. **Эл ырчысынын мемуары.**— «Советтик Кыргызстан», 1964, 3-декабрь.

Жакыпбеков А. **Келечек жанр.** (Калык Акиевдин «Баскан жолу» аттуу китеби жөнүндө) — «Ленин жолу», 1964, 4-декабрь.

Күмүшалиев К. **Залкар акын.** (Кыргыз элинин акыны К. Акиев жөнүндө) — «Ала-Тоо», 1971, № 4, 141—153-беттер.

Виноградов В. С. **Калык Акиев.** (90 жылдыгына карата) — «Кыргызстан маданияты», 1971, 23-июнь.

Бейшеналиев Ш. **Ак таңдай акын.**— «Кыргызстан маданияты», 1973, 30-август.

Күмүшалиев К. **Калык** (Акиев менин эсимде).— «Кыргызстан маданияты», 1970, 23-сентябрь.

Үмөталиев Т. **Залкар акын жөнүндө сөз** (Калык Акиевдин туулган күнүнүн 90 жылдыгына карата) — «Кыргызстан маданияты», 1973, 13-декабрь.

Байкожоев С. **Эл ырчысы.** (Калык Акиевдин туулган күнүнүн 90 жылдыгына карата) — «Мугалимдер газетасы», 1973, 15-декабрь.

Закиров С. **Эл ырчысы.** (Калык Акиевдин туулган күнүнүн 90 жылдыгына карата)— «Советтик Кыргызстан», 1973, 16-декабрь.

Бейшенбаев К. **Эл ырчысы.** (Калык Акиевдин туулган күнүнүн 90 жылдыгына карата) — «Ысык-Көл правдасы», 1973, 18-декабрь.

Чоробаев А. **Калык жөнүндө эскермелер.**— «Нарын правдасы», 1973, 18-декабрь.

Маликов К. **Улуу ырчы, чоң адам.** (Калык Акиевдин туулган күнүнүн 90 жылдыгына карата) — «Кыргызстан маданияты», 1973, 20-декабрь, 27-декабрь.

Тыныбеков Т. **Менин устаттарым.** (Калык Акиев жөнүндө) — «Кыргызстан маданияты», 1973, 27-декабрь.

Орус тилинде

Эл акындары. (Кыргыз искусствосунун декадасына карата) — «Известия», 1939, 15-май.

Виниников В. **Акындар.**— Китепте: Искусство советской Киргизии. М.—Л., «Искусство», 1939, 52—60-беттер.

Маликов К. **Эл акыны.** (Кыргыз искусствосунун декадасына карата) — «Известия», 1939, 15-май.

Эшмамбетов К. **Кыргыздын эл акындары.**— «Советская Киргизия», 1945, 6-июль.

Калык Акиев. (Некролог).— «Советская Киргизия», 1953, 4-ноябрь.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары,** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 25—26-беттер.

Лесев Д. С., Морозов О. Д. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык көрсөткүч. Фрунзе, 1958, 21—22-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы.)

Прозоров В. **Калыктын ырлары.**— «Советская Киргизия», 1964, 10-июль.

Байкожоев С. **Элдин жүрөгүндө түбөлүккө сакталат.** (Калык Акиевдин туулган күнүнүн 80 жылдыгына карата) — «Комсомолец Киргизии», 1964, 10-июль.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969, 83—86-беттер.

Садыбакасов Ш. **Ыр менен өткөн өмүр.** (Калык Акиевдин 90 жашка толушуна карата» — «Советская Киргизия», 1973, 16-декабрь.



МЕДЕРБЕК

АКИМКОЖОЕВ

Акын Медербек Акимкожоев 1920-жылы Тянь-Шань областындагы Жумгал районуна караштуу Базартурук кыштагында туулган. Атасы жаш кезинде дүйнөдөн кайтып, Медербек энесинин колунда тарбияланат.

М. Акимкожоев 1930—1935-жылдары Кочкор кыштагындагы башталгыч мектепте окуган. 1936—1937-жылдары Фрунзе шаарындагы зооветтехникумда окуйт, бирок ден соолугу начарлыгынан бүтө албай калат. 1940—1942-жылдары участкалык зоотехник болуп иштеген. 1942-жылдан 1946-жылга чейин «Базартурук» колхозунун эсепчиси болуп кызмат аткарат. 1946—1948-жылдары селолук советке секретарь, 1948—1953-жылдары кайра участкалык зоотехник болуп иштейт. Кийин «Совет», «Кызарт» колхоздорунда звеновой болуп иштеген.

М. Акимкожоевдин чыгармачылык иши 1952-жылдан башталат. Ошондон бери республикалык газета, журналдарга, альманахтарга анын ырлары үзгүлтүксүз басылып келе жатат. 1959-жылы «Тоо жели» аттуу алгачкы ырлар жыйнагы чыкты.

М. Акимкожоев 1959-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө, «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Тоо жели. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1959. 140 бет.

Кремлдин жанында. (Ырлар жана поэмалар) Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1962. 55 бет.

Ата. (Ырлар жана поэма) Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1969. 76 бет.

Көгүлтүр тоолор. (Ырлар жана поэмалар) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1970. 124 бет.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Карымшаков С. Тоо жели. — «Ала-Тоо», 1960, № 8, 114—116-беттер.

Самаганов Ж. Советтик Кыргызстан жазуучулары. (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962, 67—68-беттер.

Байзаков Т. Акын М. Акимкожоев 50 жашта. — «Ленинчил жаш», 1970, 19-сентябрь.

Эл-жер тууралу ыр. (М. Акимкожоев 50 жашта.) — «Ала-Тоо», 1970, № 9, 146—147-беттер.

Карымшаков С. ...Жараса экен керегине доорумдун. (Акын М. Акимкожоев 50 жашта.) — «Кыргызстан маданияты», 1970, 16-сентябрь.

Орус тилинде

Сальников А. Өз колхозунун ырчысы. «Советская Киргизия», 1963, 23-ноябрь.

Сальников А. Акындын төрөлүшү. (М. Акимкожоевдин поэмасы жөнүндө очерк.) — «Ленинский путь», 1966, 22-январь.

Самаганов Ж. Советтик Кыргызстан жазуучулары. (Био-библиографиялык справочник.) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969, 87—88-беттер.

Сальников А. Тууган жердин поэзиясы. (М. Акимкожоевдин 50 жашка чыгышына карата) — «Советская Киргизия», 1970, 19-сентябрь.



САГЫН АКМАТБЕКОВА

Жаш акын Сагын Акматбекова 1949-жылы Калинин районундагы Орто-Арык айлында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. Орто мектепти бүтүргөндөн кийин, адегенде Фрунзедеги политехникалык институтунда окуп, анан 1968-жылы СССР жазуучулар Союзунун М. Горький атындагы адабият институтуна кирип, аны 1973-жылы ийгиликтүү бүтүрүп чыгат. Ошол жылдан баштап ал «Кыргызстан аялдары» журналынын коомдук-саясий бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат.

Анын ырлары 1968-жылы «Кыргызстан маданияты» газетасы менен «Ала-Тоо» журналынан жарык көргөн. Биринчи ырлар жыйнагы 1970-жылы «Жамгыр» деген ат менен чыккан.

С. Акматбекова 1975-жылдан бери СССР жазуучулар Союзуна мүчө.

КИТЕПТЕРИ

Жамгыр. Ырлар. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1970. 53 бет.

Алыскы талаалар. Ырлар. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1972. 80 бет.

ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Эшимбеков К. **Сезимди сергиткен жамгыр.**— «Кыргызстан маданияты», 1970, 15-декабрь.

Эркебаев А. **Акын чыгармаларын окуп.**— «Ленинчил жаш», 1973, 23-июнь.

Сөз жаш акындын чыгармалары тууралу (тегерек стол) — «Кыргызстан маданияты», 1975, 3-апрель.

Орус тилинде

Жакыпбеков А. **Жаш акындын алгачкы ырларына пикир.**— «Литературный Киргизстан», 1968, № 3.



КАЗАТ АКМАТОВ

Жаш жазуучу Акматов Казат 1941-жылы Ысык-Көл районунун Бостери айлында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1958-жылы Бостери орто мектебин бүтүргөн соң өзү туулуп-өскөн № 54-жылкы заводунда жумушчу болуп иштейт. Эки жыл эмгек өтөгөндөн кийин Казат Акматов Кыргыз Мамлекеттик университетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүнө кирип окуйт.

1965-жылдан баштап ал комсомолдук кызматтарга өтүп иштей баштайт. Ал адегенде Ысык-Көл райком комсомолунун инструктору, андан кийин бөлүм башчысы, ал эми 1966-жылы Москвадагы ВЛКСМ БКнын алдындагы комсомолдун Борбордук мектебин окуп бүтүрүп келген соң, ошол эле Ысык-Көл райком комсомолунун биринчи секретары болуп шайланат.

1970—1972-жылдары К. Акматов Советтик Армиянын катарында жүрүп, газетанын кабарчысы болуп кызмат өтөп, ошол жылдары адабий ишке кирише баштайт. Анын эң алгачкы «Бала издеп жүрөм» аттуу аңгемеси орус тилинде «Литературный Киргизстан» журналына 1971-жылы басылып чыккан. Аскердик кызматтан кийин «Кыргызстан» басмасында редактор, башкы редактордун орунбасары болуп иштеген. 1974-жылдан бери К. Акматов партиялык жооптуу кызматта.

Жазуучунун алгачкы жыйнагы «Боз улан» деген ат менен 1974-жылы жарык көргөн. Анын аңгемелери жана повесттери борбордук «Молодая Гвардия», Украинанын «Карпаты» журналдарына жарыяланган.

К. Акматов 1967-жылдан КПССтин, 1974-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Боз улан. Повесть жана аңгемелер. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1974. 200 бет.

Макалалары

Кыргыз тилинде

Жашообузга жарашык. (Салт жана ырым-жырымдар жөнүндө)—«Ленинчил жаш», 1964, 31-май.

Эки кездешүү. (Бейкутчулук сакчылары) — «Ысык-Көл правдасы», 1971, 1-декабрь.

ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Медербеков Э. Жетилүү курагы.— «Ала-Тоо», 1974, № 8, 145—160-беттер.

Эдилбаев К. Турмуш босогосунда.— «Ала-Тоо», 1974, № 9, 156—160-беттер.

Сатиев А. Жаш адамдын дүйнөсү.— «Кыргызстан маданияты», 1974, 10-октябрь.

МИХАИЛ

АКСАКОВ

(1912—1974)



Прозаик, драматург, сценарист жана котормочу Аксаков Михаил Георгиевич 1912-жылы Воронеж шаарында токой чарба агрономунун үй-бүлөсүндө туулган. 1932-жылы ирригация инженерлери менен техниктеринин Ташкенттеги Орто Азиялык институтунун политехникумун бүтүргөндөн кийин М. Аксаков Кыргызстанга жиберилет да гидротехник, андан кийин гидролог болуп иштейт. 1941-жылы Фрунзе шаарындагы комсомолдун Пролетар райкомуна секретарь болуп шайланат.

1948-жылы республикалык газеталардын беттеринде анын очерктери, аңгемелери жана фельетондору жарыялана баштайт. 1951-жылдан М. Аксаков «Киргизстан» көркөм-адабий журналдын жооптуу секретары болуп иштейт. 1952-жылы анын «Советская Киргизия» деген очерки «Госкиноиздатта» өзүнчө басылып чыгат. 1953-жылы М. Аксаковдун «Туугандар» деген аңгемелер жыйнагы чыгат. 1953—1955-жылдары М. Аксаков «Литературная газетасынын» Кыргызстан боюнча өз кабарчысы, 1955—1959-жылдары «Литературный Киргизстан» журналынын жооптуу редактору болуп иштейт.

М. Аксаковдун кинодраматургияга кошкон салымы чоң. 1958-жылы анын сценарийси боюнча Фрунзедеги киностудия тарабынан «Менин жаңылыштыгым» деген биринчи көркөм фильми коюлду. К. Жантөшев менен бирге «Тянь-Шандык кыз» деген сценарий, «Алар Тянь-Шанда туулган» жана «Чабандын ою» деген сценарияларды жазды. 1959-жылы кыргыз драматеатрынын сахнасында «Жалбырактар жерге түшкөндө» деген пьесасы коюлду.

М. Аксаков котормочу катары да белгилүү. Ал С. Сасыкбаевдин «Фабрика кызы», А. Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» аттуу повесттерин жана кыргыз жазуучуларынын айрым аңгемелерин орус тилине которду.

М. Аксаков 1952-жылдан КПССтин мүчөсү, 1953-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө, 1958-жылдан кинематографисттер Союзунун мүчөсү болгон.

Жазуучу «Кызыл Жылдыз» ордени, «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» жана «1941—1945-жылдардагы Ата Мекендик Улуу согуштагы каарман эмгеги үчүн», «Каарман эмгеги үчүн. Владимир Ильич Ленинди туулган күнүнүн жүз жылдыгынын урматына» медалдары, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы, ВЛКСМ БКнин, Кыргызстан ЛКСМ БКнин Ардак грамоталары менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Орус тилинде

Советтик Кыргызстан. (Очерк) М., Госкиноиздат, 1952. 35 бет.

Туугандар. (Аңгемелер) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1953. 155 бет.

Ыр мугалими. (Аңгеме) Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1958. 91 бет.

Тоодогу жалгыз аяк жол. (Аңгемелер.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 141 бет.

Гүлдөр жана таштар. (Повесть) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1970. 148 бет.

КОТОРГОН КИТЕПТЕРИ

Орус тилине

Сасыкбаев С. **Фабрика кызы.** (Повесть, аңгемелер) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 176 бет.

Токомбаев А. **Жараланган жүрөк.** (Повесть) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1967.

МАКАЛАЛАРЫ, РЕЦЕНЗИЯЛАРЫ, ОЧЕРКТЕРИ

Орус тилинде

Сибирь жери жөнүндөгү жомок.— «Советская Киргизия», 1948, 28-апрель.

СССР — тынчтыктын жана демократиянын тиреги. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1948, 1-май.

Формовщик Дмитрий Кидалов. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1948, 12-май.

Көз каранды эместик, эркиндик, бакыт.— «Советская Киргизия», 1948, 15-июль.

Авиациялык отряддын күнүмдүк иштери. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1948, 18-июль.

Шыктанган эмгек. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1948, 28-июль.

Фокусниктер. (Фельетон) — «Советская Киргизия», 1948, 7-сентябрь.

Куруучулар. (Очерк) «Советская Киргизия», 1951, 4-декабрь.

Элге кызмат өтөө. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1951, 16-декабрь.

Унутулгус образ.— «Советская Киргизия», 1951, 20-декабрь.

Кино элге кызмат өтөйт.— «Советская Киргизия», 1952, 19-январь.

Жаңыны издөө. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1952, 16-январь.

Совет элинин улуу жеңиш жылы. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1952, 3-февраль.

Жер астындагы колония.— «Советская Киргизия», 1952, 23-февраль.

Чоң күч. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1952, 16-март.

Чыгармачылык эмгек. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1952, 20-апрель.

Булгаарычы Муслим Азимов. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1952, 26-апрель.

«Түштүк кыргыздын токоюнда».— «Советская Киргизия», 1952, 9-май.

Ишти сүйүү. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1952, 16-май.

Сыйлык жөнүндөгү маселе.— «Советская Киргизия», 1952, 24-май.

Жаш авторлорго начар мамиле.— «Советская Киргизия», 1952, 4-июнь.

Балдарга арналган бир китеп жөнүндө.— «Комсомолец Киргизии», 1952, 18-июнь.

Магомет Канаев жана башкалар.— «Советская Киргизия», 1952, 25-июнь.

Ысык-Көлдүн толкуну.— «Советская Киргизия», 1952, 12-июль.

Убактылуу токтото туруу.— «Советская Киргизия», 1952, 22-июль.

Жогорку идеалуу көркөм чыгарма жаратуу.— «Советская Киргизия», 1952, 28-декабрь.

Жаңы-Жердегилер жаңы техниканы өздөштүрдү.— «Советская Киргизия», 1953, 21-февраль.

Адилеттүү жеме.— «Литературная газета», 1953, 30-июнь.

Сабира Баетованын адилеттүү таарынчысы.— «Литературная газета», 1954, 5-январь.

Кургаткыч жөнүндө аңгеме. (Очерк) — «Советская Киргизия», 1966, 15-апрель.

Кумарбек жана анын шериктери.— «Советская Киргизия», 1956, 27-апрель.

Анкета жана... адам. (Фельетон) — «Советская Киргизия», 1956, 20-май.

Кыргыз тоолорунда.— «Литературная газета», 1956, 31-июль.

Сезондун жакшы жаңылыктары.— «Советская Киргизия», 1956, 10-октябрь.

Социалисттик Кыргызстан. (Очерк) — «Советский моряк», 1957, № 15.

Экинчи өмүр. (Саткын Сасыкбаевдин туулган күнүнө 50 жаш толду.) «Литературный Киргизстан», 1958, № 4.

Чабандын мектеби. (Очерк) — «Литературный Киргизстан», 1959, № 6.

Талкууну улантуу керек.— «Литературный Киргизстан», 1962, № 3.

Пайдалуу жолугушуу.— «Литературный Киргизстан», 1962 № 4.

Бир туугандык үй-бүлөдө.— «Советская Культура», 1962, 9-октябрь.

Биринчи жолугушуу.— «Советская Киргизия», 1963, 10-январь.

Кечиргүгө болбойт.— «Советская Киргизия», 1963, 27-январь.

Партия сага, эл сага! — «Комсомолец Киргизии», 1963, 18-июнь.

Тянь-Шандык кыз. (Орто-Азия жана Казахстан кинематографисттеринин фестивалына карата) — «Советская Киргизия», 1964, 13-сентябрь.

Кыргызстандын кинолюбителдеринин иши.— «Советская Киргизия», 1964, 13-сентябрь.

Художник жана көрүүчүлөр. (СССР кинематографисттеринин биринчи учредителдик съездинин алдында кыргыз киноискусствосу.) — «Советская Киргизия», 1965, 12-ноябрь.

Сыймыктуу адам.— «Комсомолец Киргизии», 1965, 29-декабрь.

Кинодогу улуттук проблема.— «Комсомолец Киргизии», 1967, 26-февраль.

Кинокамера менен турмушту аралап.— «Советская Киргизия», 1967, 12-апрель.

Жацыруу.— «Советская Киргизия», 1967, 28-июнь.

Съезддин алдындагы сөз.— «Советская Киргизия», 1969, 2-декабрь.

Талашка чакыруу.— «Советская Киргизия», 1971, 21-февраль.

Кыялдануу мезгили.— «Комсомолец Киргизии», 1971, 1-май.

Табылган така.— «Советская Киргизия», 1972, 29-июль.

«Бирге иштешкендер».— «Комсомолец Киргизии», 1972, 28-декабрь.

Кыргыз тилинде

Авиациялык отряддын күнүмдүк иштери. (Очерк) — «Кызыл Кыргызстан», 1948, 18-июль.

Кинопублицист кинокамера менен.— «Советтик Кыргызстан», 1969, 23-ноябрь.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Орус тилинде

Симонов Н. **Биринчи китеп.**— «Киргизстан» 1953, № 18, 136—140-беттер.

Бутенко Н. **Жаш автордун биринчи китеби.**— «Советская Киргизия», 1954, 14-январь.

Маркова Ф. **Биринчи тажрыйба.**— «Искусство кино», 1958, № 11, 33—35-беттер.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 179—180-беттер.

Лосев Д. С., Морозов О. Д. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык көрсөткүч. Фрунзе, 1958. 140—141-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы.)

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги.) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969, 89—91-беттер.

М. Г. Аксаков. (Некролог) — «Советская Киргизия», 1974, 26-декабрь.

Кыргыз тилинде

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 161—162-беттер.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962, 69—71-беттер.

АБДУЛХАЙ АЛДАШЕВ



Акын, котормочу, илимпоз Абдулхай Алдашев 1918-жылы Жети-Өгүз айлында айылдык мугалим жана акын адамдын үй-бүлөсүндө туулган.

Абдулхайдын атасы өз убагындагы коомдун билимдүү жана таланттуу акыны болгондуктан Алдаш Молдо деген атка конгон.

А. Алдашев айылдык мектепте окуйт. 1939-жылы Кыргызстан айыл чарба институтун бүтүрүп, зооветтехникумда, педтехникумда, кийин пединститутта мугалим болуп иштейт.

В. Катаевдин «Мен эмгекчи элдин уулумун» повесттин которуп, котормо 1940-жылы жарыкка чыккан. Ошол эле жылы «Ысык-Көл правдасы» газетасына алгачкы ыры жарыяланат.

1941—1947-жылдары А. Алдашев Советтик Армиянын катарында болуп, немецтик-фашисттик баскынчыларга каршы согушка катышты. 1948-жылдан 1974-жылга чейин Кыргыз ССР айыл чарба институтунда кафедра башчысы, проректор болуп иштеп келди, докторлук диссертациясын коргоду. 1974-жылдан Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын Биология институтунун директору болуп иштейт.

Согуш бүткөндөн кийин өзүнүн адистиги менен барабар адабий иштерине да активдүү катышып, ырлар, аңгемелер жана республикалык куурчак театры үчүн «Бала баатыр» деген пьеса жазат. А. М. Горькийдин «Сары азезилдин шаары», «Балалык күндөр» деген чыгармаларын, Б. Ромашевдин «Улуу күч» аттуу пьесасын, Н. Рыбактын «Переяслав радасы» романын кыргыз тилине которот.

А. Алдашев 1950-жылдан КПССтин мүчөсү, 1956-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө.

Согушта көрсөткөн эрдиги жана согуштан кийинки тынчтык жылдардагы күжүрмөн эмгеги үчүн А. Алдашев «Ата Мекендик согуштун экинчи даражадагы», «Кызыл жылдыз», эки жолу Ардак белгиси ордендери, «Каарман

эмгеги үчүн. Владимир Ильич Лениндин туулган күнүнүн жүз жылдыгынын урматына», «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн», «Варшаваны бошотқондугу үчүн», «Берлинди алгандыгы үчүн», 1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин жыйырма жылы «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин отуз жылы». «СССРдин куралдуу күчтөрүнө 50 жыл» медалдары, «Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишине 25 жыл» белгиси менен жана ВДНХнын 2 күмүш медалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары менен сыйланган.

КОТОРГОН КИТЕПТЕРИ

Катаев В. **Мен эмгекчи элдин уулумун.** (Повесть) Фрунзе — Казань, Кыргызмамбас, 1940. 123 бет.

Горький М. **Макалалар жана памфлеттер.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1951. 149 бет.

Горький М. **Бала чак.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1954. 375 бет.

Рыбак Н. **Переяслав радасы.** (Роман) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1954. 743 бет. (Авторлош)

Рыбак Н. **Переяслав радасы.** 2-том. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1964. 951 бет. (Авторлош)

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 203—204-беттер.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Био-библиографиялык справочник.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 72—73-беттер.

Орус тилинде

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 219—220-беттер.

Самаганов М. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969. 92—94-беттер.

А. Алдашевдин басмадан чыккан илимий эмгектери, сөздүктөрү көп болгондуктан библиографияга кошулбады.

БИРИМКУЛ

АЛЫБАЕВ



Акын жана котормочу Биримкул Алыбаев 1937-жылы Талас районуна караштуу Көпүрө-Базар кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Б. Алыбаев 1956-жылы Ош областындагы Базар-Коргон № 1-орто мектебин бүтүрүп, ошол эле жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетине өтөт, аны 1961-жылы ийгиликтүү бүтүрүп чыгат. Университетти бүтүргөндөн кийин беш жыл бою КыргызТАГда оператор болуп иштейт. 1965—1969-жылдары республикалык илимий-техникалык информация жана пропаганда институтунда старший редакторлук кызмат өтөгөн, 1969-жылдан бери «Кыргызстан» басмасында көркөм адабият боюнча алгач редактор, анан старший редакторлук кызмат аткарат.

Б. Алыбаевдин биринчи ыры 1953-жылы областтык газетада жарыяланган. Ошондон тартып анын ырлары, очерктери, кабарлары, макалалары республикалык газета-журналдарда, альманахтарда үзгүлтүксүз жарыяланып келе жатат.

Б. Алыбаевдин биринчи ырлар жыйнагы 1968-жылы «Ак чардак» деген ат менен «Кыргызстан» басмасынан жарык көрөт. Б. Алыбаев котормо жагынан да ийгиликтүү эмгектенүүдө. Анын котормосу менен азербайжан жазуучусу Алфи Гасымовдун «Адиланын таалайы» деген романы, тажик классиги А. Дехотинин «Поезд келди» деген китеби кыргыз тилинде басмадан чыкты.

Б. Алыбаев 1966-жылдан КПССке мүчө, 1969-жылдан СССР журналисттер Союзуна, 1975-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Ак чардак (ырлар, балладалар) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1968. 70 бет.

Бурганак. (ырлар). Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1970. 66 бет.

Гүлбурак. (Ырлар жана балладалар.) Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1974. 163 бет.

Которгон китептери

Кыргыз тилинде

Дехоти А. **Поезд келди. Ырлар.** Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1965, 24-бет.

Гасымов Алфи. **Адиланын таалайы.** (роман) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1972. 336 бет.

МАКАЛАЛАРЫ

Кыргыз тилинде

Ич жылытпас жыйнак.— «Ленинчил жаш», 1961, 29-декабрь.

«Чолпон».— «Ленинчил жаш», 1962, 30-ноябрь.

Кесипти сүйүү. (Очерк) — «Ден соолук», 1964, № 4, 9-бет.

ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Казаков Т. **Ийгилик каалайбыз.**— «Кыргызстан маданияты», 1968, 11-декабрь.

Казаков Т. **«Бурганактагы» жылуулук.**— «Кыргызстан маданияты», 1971, 28-июль.

Искаков Н. **«Бурганактагы» жылуулук.**— «Ысык-Көл правдасы», 1972, 11-май.

Арстанбеков М. **Мезгилге үндөш ырлар.**— «Кыргызстан маданияты», 1975, 17-июль.

ЖАПАРКУЛ

АЛЫБАЕВ



Акын-сатирик Жапаркул Алыбаев 1933-жылы Чүй районундагы «Бириккен» селосунда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1947-жылы айылдык мектептин жетинчи классын бүтүргөндөн кийин, 1947—1950-жылдары Фрунзе шаарындагы педагогикалык окуу жайында окуган. 1950-жылдан 1951-жылга чейин мугалимдик кесипте иштеген. 1951—1956-жылдары Фрунзедеги Кыргыз мамлекеттик университетинде окуп, филология факультетин ийгиликтүү бүтүрүп чыгат.

1956—1965-жылдары Ж. Алыбаев «Чалкан» журналына адабий кызматкер, Ош области боюнча өз кабарчысы болуп иштейт. 1965—1968-жылдары Ош областтык «Ленин жолу» газетасынын адабий кызматкери, 1968—1969-жылдары «Кыргызстан маданияты» жумалыгынын адабий кызматкери болуп иштеп келди. 1969—1972-жылдары Кыргыз Совет энциклопедиясынын башкы редакциясында тил жана адабият боюнча старший редакторлук милдетин өтөгөн.

Ж. Алыбаевдин чыгармалары 1954-жылдан баштап республикалык газета, журналдарда үзгүлтүксүз жарыялануууда.

Ж. Алыбаев жети жыйнактын автору. Акындын ырлары орус, украина, белорус тилдеринде жана Чехословакиянын Братислава шаарында чыгуучу «Рогач» журналында словак тилинде чыккан, «Крокодил», «Украина», «Вожик» журналдарында басылган.

Ж. Алыбаев 1958-жылдан СССР журналисттер Союзунун, 1970-жылдан СССР жазуучулар Союзунун мүчөсү.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Гүл жана тикенек. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1963. 46 бет.

Көңүлдүү күндөр. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1965. 39 бет.

Келди, кетти. (Аңгемелер, сатиралык ырлар) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1967. 105 бет.

Кыял жана кытыгы. (Аңгемелер, ырлар) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1970. 138 бет.

Замандаш. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1972. 86 бет.

Баягы эле Бекиш. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1974. 105 бет.

Мөлтүр булак. (Лирикалар жана сатира) Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1975. 130 бет.

КОТОРГОН КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Большак Василь. № 13. «Кыргызстан» басмасы, 1970. 86 бет.

Бородулин Рыгор. Ааный кыз. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1974. 28 бет.

Кильчичаков Михаил. Жашыл мекен. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1975. 80 бет.

МАКАЛАЛАРЫ

Ынак сезимдин поэзиясы.— «Кыргызстан маданияты», 1970, 17-апрель.

Турмуш элегинен өткөн Серкебай.— «Кыргызстан маданияты», 1974, 19-сентябрь.

ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Артыкбаев К. **Татаал жанрдагы таасын аракет.**— Китепте: Артыкбаев К. Сын сапары. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1970.

Кырбашев К. **Замандаш жөнүндө.**— «Кыргызстан маданияты», 1974, 18-апрель.

МИДИН АЛЫБАЕВ

(*1917—1959*)



Таланттуу акын-сатирик жана драматург Мидин Алыбаев 1917-жылы Тянь-Шань областынын Жумгал районунун Чаек селосунда туулган.

М. Алыбаев адегенде өз айылында башталгыч мектепте окуйт, 1930-жылдардын башында Фрунзедеги борбордук педтехникумга келип кирет.

Педтехникумдан кийин 1936-жылдан 1938-жылга чейин «Ленинчил жаш» газетасынын редакциясында иштейт. 1938-жылдан 1940-жылга чейин Советтик Армиянын катарында болуп, ак финдерге каршы согушка катышты.

М. Алыбаевдин адабияттык иши педтехникумда окуп жүргөн кезинде башталган. «Сабаттуу бол» аттуу дубал газетага ырлары үзүлбөй чыгып турган. 1937-жылы М. Алыбаевдин «Бактылуу жаштык» деген биринчи ырлар жыйнагы чыгат. 1939-жылы балдар үчүн жазган «Жомокчу мерген» аттуу аңгемеси басылат. 1947-жылы «Ырлар жыйнагы», 1949-жылы төртүнчү китеби жарыкка чыгат. М. Алыбаев окуучулар арасына көбүнчө сатиралык кыска ырлар жана лирикалары менен таанымал. Акындын туулган жери, бийик тоолуу Тянь-Шань болгондуктан анын сезиминде бала күнүнөн тарта табыгат элестери көз алдынан кетпей курчап турган. Ал ошол жерлердин элесин бир нечен жолу жазган жана андагы жаңы адамдарды сүрөттөгөн.

Алыбаевдин «Курорттогу окуя» аттуу көп актылуу комедиясы Кыргызстан Мамлекеттик драм театрында чоң ийгиликтер менен коюлду.

М. Алыбаевдин котормосу аркылуу А. С. Пушкиндин, М. Ю. Лермонтовдун, Г. Гулямдын, В. Саяновдун бир катар чыгармалары кыргыз адабиятына кирди.

Мидин Алыбаев КПССтин мүчөсү, 1939-жылдан СССР жазуучулар Союзунун мүчөсү болгон.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Бактылуу жаштык. (Ырлар жыйнагы) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1937. 56 бет.

Ырлар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1938. 58 бет.

Жомокчу мерген. (Балдар анкемеси) Фрунзе — Казань, Кыргызмамбас, 1939. 59 бет.

Ырлар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1947. 52 бет.

Жаңы ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1949. 45 бет.

Ак үүч. (Сатиралар жана лирикалык ырлар) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 122 бет.

Эмне үчүн короз таң алдында чакырат? (Бөбөктөр үчүн) Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1958. 17 бет.

Эки бүркүт. (Тестиер балдар үчүн) Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1959. 20 бет.

Мергенчи. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1961. 444 бет.

Жарык көрбөгөн каттары. (Анкемелер, очерк, сатира жана фельетондор) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1964. 262 бет.

Жомок. (Мектеп жашына дейреги балдар үчүн) Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1965. 31 бет.

Тандалган ырлар. Түзгөн: Ж. Кудайбергенова. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1967. 198 бет.

Кызыл Жылдыз. (Өспүрүмдөр үчүн) Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1971. 63 бет.

Пьесалар. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1972. 72 бет.

Жомокчу мерген. (Анкемелер жана сатиралар.) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1974. 222 бет.

Орус тилинде

Замандаштар менен анкеме. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 114 бет.

КОТОРГОН КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Саянов В. М. **Ленин Горкиде.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1952. 32 бет.

Гулям Гафур. **Акмат жаман бала эмес, бирок...** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1953. 14 бет.

Ырлар. Орус элинин ырлары. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1956. 16 бет.

Пенджаб акындары. (Ырлар) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 36 бет. (Авторлош)

МАКАЛАЛАРЫ, РЕЦЕНЗИЯЛАРЫ, ОЧЕРКТЕРИ

Кыргыз тилинде

Токтогул Талас элинде. (Туулган күнүнүн 75 жылдыгына карата) — «Ленинчил жаш», 1938, 9-май.

Фрунзе шаары.— «Ленинчил жаш», 1938, 12-июнь.

Ок. (Очерк) «Ленинчил жаш», 1939, 28-декабрь.

Таң алдында. (Очерк) — «Ленинчил жаш», 1941, 15-май.

Даңк. (Очерк) — «Ленинчил жаш», 1941, 22-май.

Канал көркү. (Очерк) «Ленинчил жаш», 1941, 24-май.

«Кортабылгы». (Очерк) — «Ленинчил жаш», 1941, 7-июнь.

Ак койдун өлүмү. (Очерк) — «Кызыл Кыргызстан», 145, 19-январь.

Чалдын тилеги. (Очерк) «Кызыл Кыргызстан», 1945, 10-февраль.

Мааниси жок «Махаббат».— «Кызыл Кыргызстан», 1946, 15-ноябрь.

Жазгы жайыт. (Очерк) — «Кызыл Кыргызстан», 1949, 13-май.

Кыштоодо. (Очерк) — «Тянь-Шань правдасы», 1950, 10-январь.

Зоотехник Буйлашев. (Очерк) — «Кызыл Кыргызстан», 1950, 11-январь.

Агитатор. (Очерк) — «Ленинчил жаш», 1950, 10-февраль.

Кыштоодо. (Очерк) — «Советтик Кыргызстан», 1950, № 3, 25—30-беттер.

Төл. (Очерк) — «Кызыл Кыргызстан», 1950, 18-апрель.

Бир колхоздо. (Очерк) — «Тянь-Шань правдасы», 1950, 9-сентябрь.

Арпанын Ала-Тоосунда. (Очерк) — «Советтик Кыргызстан». 1950, № 12, 22—24-беттер.

1955 — поэзия жылы! — «Ленинчил жаш», 1956, 28-март.

Талапка татырлык чыгарма.— «Советтик Кыргызстан», 1955, № 10, 91—96-беттер.

Сатиранын оту менен.— «Ленинчил жаш», 1955, 21-сентябрь.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Маликов К. **Бактылуу жаштардын жаш акыны.** Китепте: Алыбаев М. Бактылуу жаштык. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1937, 7—8-беттер.

Самаганов Ж. **Бир чыгармага арналган үч макала тууралу.**— «Советтик Кыргызстан», 1948, № 1, 55—61-беттер.

Мураталиев С. **Мидин Алыбаевдин ырлар жыйнактары.** «Кызыл Кыргызстан», 1953, 8-апрель.

Шүкүрбеков Р. **«Курорттогу окуя» жөнүндө пикир.**— «Ленинчил жаш», 1966, 30-март.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 92—93-беттер.

Токтобаева Р. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык көрсөткүч. Фрунзе, 1958, 102—103-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы.)

Мидин Алыбаев. (Некролог) — «Советтик Кыргызстан», 1959, 8-декабрь. «Ала-Тоо», 1960, № 1, 98—99-беттер.

Шүкүрбеков Р. **Мидин акын.**— «Ала-Тоо», 1960, № 1, 108—102-беттер.

Укаев К. **Мидин өлбөйт.**— «Ала-Тоо», 1960, № 1, 103—105-беттер.

Карымшаков С. **Мидинди эскерип.**— «Ленинчил жаш», 1962, 4-март.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын Био-библиографиялык справочниги) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962, 74—78-беттер.

Абдраимов Ж. **Көөнөрбөс поэзия.** (Мидин Алыбаевдин туулган күнүнө 50 жыл толушуна карата) — «Ленинчил жаш», 1967, 12-декабрь.

Осмоналиев К. **Мидиндин жүргөн жери күлкү эле.** (Эскерүүлөр) — «Кыргызстан маданияты», 1967, 13-октябрь.

Бобулов К. **Эргиген акын эле.** (Мидин Алыбаевдин туулган күнүнүн 50 жылдыгына карата) — «Советтик Кыргызстан», 1967, 12-декабрь.

Карымшаков С. **Жылдыздуу ырлар.** (Мидин Алыбаевдин туулган күнүнүн элүү жылдыгына карата) — «Ала-Тоо», 1967, № 10, 154—158-беттер.

Удалов Н. **Мидин.** Адабий портрет.— «Ала-Тоо», 1968, № 4, 127—133-беттер.

Кыргыз балдар адабияты. (1926—1966 ж.ж.) Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1969, 180—182-беттер.

Орус тилинде

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 92—93-беттер.

Лосев Д. С., Морозов О. Д. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык көрсөткүч. Фрунзе, 1958. 92 бет. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик китепканасы).

Жирков А. **Замандаштар менен аңгеме.** — «Литературный Киргизстан», 1960, № 1, 88—90-беттер.

Маликов К. **Жалындуу патриот жөнүндө сөз.** (Мидин Алыбаевдин туулган күнүнүн 50 жылдыгына карата) — «Советская Киргизия», 1967, 12-февраль.

Меньшиков М. **Бул ыр жүрөктү эргитти.** (Мидин Алыбаевдин туулган күнүнүн 50 жылдыгына карата) — «Комсомолец Киргизии», 1967, 14-декабрь.

Жирков А. **Мидиндин музасы.** Китепте: Жирков А. Поэзия жизни. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1967, 49—58-беттер.

Кыргыз балдар адабияты. (1926—1966-ж.) Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1969, 182-бетте.

БАРПЫ АЛЫКУЛОВ

(1884—1949)



Кыргыз элинин атактуу ырчысы Барпы Алыкулов 1884-жылы азыркы Ош областынын Сузак районуна караштуу Ачы кыштагында батырак адамдын үй-бүлөсүндө туулган.

Барпы 8 жашка чыкканда эле каардуу Назарбай жана Мадаалы байлардын малын багып, күн өткөрө баштаган. Андан кийин ошол эле жердеги Ысакбай деген байдын пахтасын эгип, башка жумуштарын аткарат. Ошентип, келечекки залкар акын жашынан турмуштун запкысын тартып, зулумдардын кол алдында эзилген букаралардын тагдырын бөлүшүп, таптык сезими жашынан курчуй берет.

Барпы Түштүк Кыргызстанда Совет бийлигин чындоого жан-дили менен берилип активдүү катышат: союз кошчулук, өз ара жардамдашуу топторунда жооптуу кызматтар аткарат, кийинчерээк сельсоветтин орун басарлык милдетин аткарган. Барпынын бир тууган агасы Болот Совет бийлигин чындоого активдүү катышкандыктан басмачылар өлтүрүп кеткен. Барпынын өзүн да басмачылар колго түшүрүп, мууздап өлтүргөнү жатканда кызылдар бошотуп алган учурлар болгон. 1920-жылы Барпы катуу ооруп көзү кароолонуп калат, бирок ал түрдүү коомдук иштерин жана ыр чыгаруусун уланта берет.

Барпы 15—16-жаштарында элге белгилүү ырчы болот, көп ырчылар менен беттешип жечет.

1915-жылы Барпы улуу демократ акын Токтогул менен биринчи жолу жолугат. Токтогулдун үлгүлүү ырларын угуу Барпынын чыгармачылыгын байытып, маани жагынан терендеткен.

Барпы революциядан мурда көбүнчө социалдык темадагы ырларды чыгарып, эзүүчүлөргө каршы багыттады. Тарыхый темага кайрылып, ал «Залим хандар азабы» деген ырында Көкөн хандыгынын ырайымсыз деспоттугун, кыргыз элинин тарткан кордугун сүрөттөгөн.

Токтогул сыяктуу Барпы да диндин өкүлдөрүн тап душмандары катары карап, алардын образы аркылуу динге катуу сокку урган.

Барпы «Кулмурза менен Ак саткын», «Жаңайыл Жалгыз» сыяктуу элдик эпосторду да айткан.

Айыл чарбасын коллективдештирүү жылдарында Барпынын ролу абдан чоң болот. Өз айылында уюшулган колхозго өзү биринчи болуп өтүп, эл аралап, агитациялык ырлар ырдап, элди жаңы турмушту курууга үндөйт.

1941-жылы гитлердик фашизм биздин ыйык мекенге кол салганда кыргыз жоокерлерин жөнөтүп жаткан жерлерге барып, кышында ызгаардуу суукка, жайында мээ кайнаткан ысыкка карабай, патриоттук чакырык ырлар ырдап жүрдү. Барпы Алыкуловдун калтырган мурастары көп. Анын көп китептери басмадан чыкты. Орус тилине которулуп, бүткүл союзга таралды.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Тандалмалуу ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1949, 106 бет.

Тилек. (Ырлар жыйнагы) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1951. 124 бет.

Тандалган чыгармалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955. 284 бет.

Мектеп жөнүндөгү ыр. Тестиер жана өспүрүмдөр үчүн. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1957. 45 бет.

Чыгармаларынын бир томдугу. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 287 бет.

Чыгармаларынын бир томдук жыйнагы. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1970. 288 бет.

Табият сапаты. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1973. 20 бет.

Орус тилинде

Тандалган ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 148 бет.

Ырлар Москва. «Молодая гвардия», 1958. 111 бет.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Барпы Алыкулов. (Некролог) — «Кызыл Кыргызстан», 1949, 11-ноябрь.

Баялинов К. **Барпы Алыкулов.**— Китепте: Алыкулов Б. Тандалмалуу ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1949. 3—10-беттер.

Шамшиев Т. **Акындын жолу.**— «Кызыл Кыргызстан», 1949, 11-ноябрь.

Маликов К. **Эл ырчысы Барпынын жыйнагы тууралу.**— «Советтик Кыргызстан», 1950, № 3, 47—54-беттер.

Шамшиев Т. **Акындын жолу.**— «Ленинчил жаш», 1951, 23-февраль.

Барпы Алыкулов. (Өлгөнүнө беш жыл толушуна карата) — «Советтик Кыргызстан», 1954, № 11, 96-бетте.

Таштемиров Ж. **Барпы Алыкулов.** (1884—1949) — Китепте: Алыкулов Б. Тандалган чыгармалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955. 3—26-беттер.

Таштемиров Ж. **Барпы Алыкулов.** Фрунзе, Кыргыз ССР илимдер Академиясынын басмасы, 1957. 118-бет. (Кыргыз ССР илимдер Академиясы, тил жана адабият и-ту.)

Маленов Б. **Булар Октябрь революциясынын жарчылары.**— «Ленинчил жаш», 1957, 3-ноябрь.

Байзаков Т. **Барпы ырчы.**— «Ленин жолу», 1958, 29-апрель.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 19—20-беттер.

Токтобаева Р. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык көрсөткүч. Фрунзе 1958. 24—25-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы.)

Байзаков Т. **Барпы акын.**— «Ала-Тоо». 1959, № 1, 87-бет.

Борбугулов М. **Залкар акын Барпы Алыкулов.**— «Ала-Тоо», 1959, № 11, 116—125-беттер.

Борбугулов М. **Кыргыз адабиятынын көрүнүктүү өкүлү.** (Барпынын 75 жылдыгына карата) — «Советтик Кыргызстан», 1959, 5-декабрь.

Байзаков Т., Султанбеков И. **Барпы ырчы.** (1884—1949) — Китепте: Алыкулов Б. Чыгармаларынын бир томдугу. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 3—32-беттер.

Ашымбаев Б. **Улуу акындын жыйнагы.** (Барпынын чыгармаларынын бир томдугуна карата) — «Советтик Кыргызстан», 1960, 30-октябрь.

Таштемиров Ж. **Барпы Алыкулов.** (1884—1949) — Китепте: Кыргыз совет адабиятынын очерки. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 210—245-беттер.

Бекназаров К. **Барпынын (Алыкуловдун) чыгармаларында өзгөчөлүктөр.**— «Мугалимдер газетасы», 1961, 12-декабрь.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 79—85-беттер.

Байзаков Т. **Залкар ырчы.** (Барпы Алыкуловдун туулган күнүнө 80 жыл толду.) — «Советтик Кыргызстан», 1964, 30-сентябрь.

Үмөталиев Т. **Булбул таншык ырчы.** (Барпы Алыкуловдун туулган күнүнө 80 жыл толушуна карата) — «Ленинчил жаш», 1964, 30-сентябрь.

Таштемиров Ж. **Элдин сүйгөн акыны.** (Барпы Алыкуловдун туулган күнүнө 80 жыл толушуна карата) — «Мугалимдер газетасы», 1964, 3-октябрь.

Үмөталиев Т. **Гүлзар бактын булбулу.** (Барпы Алыкулов жөнүндө эскерүүлөр.)— «Ала-Тоо», 1964, № 10, 94—96-беттер.

Маликов К. **Кыргыз жеринин атактуу ырчысы.** (Барпы Алыкуловдун туулган күнүнүн 90 жылдыгына карата).— «Кыргызстан маданияты», 1974, 26-декабрь.

Тыныбеков Т. **Барпы менен жолугушуу. Менин устатым.** «Кыргызстан маданияты», 1974, 26-декабрь.

Жигитов С., Даутов К. **Атактуу ырчы.** (Барпы Алыкуловдун туулганынын 90 жылдыгына карата) — «Советтик Кыргызстан», 1974, 26-декабрь.

Байзаков Т. **Нускоочу ырчы.** (Барпынын туулганына 90 жыл толду.) — «Ала-Тоо», 1974, № 12, 118—121-беттер.

Байзаков Т. **Барпы ырчыга арналган кече.**— «Кыргызстан маданияты», 1975, 16-январь.

Орус тилинде

Барпы Алыкулов. (Некролог) — «Советская Киргизия», 1949, 11-ноябрь.

Байзаков Т. **Барпы Алыкулов.**— «Литературный Киргизстан», 1957, № 1, 19-бет.

Кыргыз элинин таланттуу ырчысы.— «Советская Киргизия», 1958, 18-апрель.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 23—24-беттер.

Лосев Д. С., Морозов О. Д. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык көрсөткүч. Фрунзе, 1958. 32—33-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы.)

Алыкулов Б.— Китепте: Краткая литературная энциклопедия. М., «Советская энциклопедия», 1962. 167-бет.

Менин ырымды жаштар ырдасын. (Барпы Алыкуловдун туулган күнүнө 80 жыл толушуна карата) — «Комсомолец Киргизии», 1964, 30-сентябрь.

Маликов К. **Кыргыз жеринин жарчысы.** (Барпы Алыкуловдун туулган күнүнө 80 жыл толушуна карата) — «Советская Киргизия», 1964, 30-сентябрь.

Кыргыз балдар адабияты. (1926—1966-ж) Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1969. 82—83-беттер.

Байзаков Т. **Менин ырымды жаштар ырдасын.** (Барпы Алыкуловдун туулган күнүнө 80 жыл толушуна карата.) — «Комсомолец Киргизии», 1974, 26-декабрь.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Био-библиографиялык справочник) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969, 99—102-беттер.

АРЛИ АРБУДУ



Советтик Кыргызстандагы дунган жазуучусу Арли Арсазович Арбуду 1917-жылы Кыргыз ССРинин азыркы Москва районундагы Александровка селосунда туулган.

1933-жылы А. Арбуду Александровкадагы башталгыч мектепти бүтүрүп, Фрунзедеги педтехникумдун дунган бөлүмүнүн төмөнкү группасына өтөт. Алматыда дунган педагогикалык окуу жайы ачылгандан кийин ошол окуу жайына которулат. Дунган педагогикалык окуу жайы кайра курулгандан кийин орус педтехникумуна которулат. Аны бүтүргөндөн кийин Казак ССРинин Жамбул областындагы Көктерек районундагы Киров атындагы мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт.

1940-жылы Кызыл Армияга чакырылып, Ленинград шаарында кызмат өтөйт, Ата Мекендик согуштагы 900 күндүк блокаданын кыйынчылыгын башынан өткөрөт.

1945-жылы аскер кызматынан демобилизацияланып, мугалимдик кызматын аткара баштайт. 1946-жылдын сентябрь айында Алма-атыдагы чет тилдер институтуна окууга өтөт. Аны 1950-жылы бүтүргөндөн кийин Кыргыз ССРинин Пржевальск районундагы Мичурин атындагы орто мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштейт. 1952-жылдан 1956-жылга чейин Кант районундагы Милянфан орто мектебинде иштейт. 1956—1957-жылдарда Кыргызмамбаста дунган адабияты боюнча редакторлук кызмат аткарат. 1957-жылдан бери дунган тилинде чыга турган «Шыйуэди Чи» газетасынын маданият бөлүмүн башкарып келе жатат.

Адабияттагы ишмердигин А. Арбуду 1955-жылдарда баштаган. А. Арбуду 1962-жылдан бери СССР журналисттер Союзунун, 1967-жылдан СССР жазуучулар Союзунун мүчөсү.

А. Арбуду «Эрдик үчүн», «Ленинградды коргогондугу үчүн», «Ленинграддын 250 жылдыгы» медалдары менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Дунган тилинде

Кыз кыялы. Повесть. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 92 бет.

Аял жүрөгү. Повесть. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 164 бет.

Дунган мектептеринин *1*-класстары үчүн алиппе. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1958. 200 бет.

Дунган мектептеринин *6*-класстарынын окуу хрестоматиясы. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1959. 170 бет.

Боордоштор. Повесть. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 148 бет.

Ак ниет. Аңгемелер жыйнагы. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1965. 149 бет.

Ма уруусунан жаш жигит. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1971. 128 бет.

КОТОРГОН КИТЕПТЕРИ

Дунган тилинде

Горький М. **Макар Чудра.** Аңгеме. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 28 бет.

Куприн И. **Олеся.** Аңгеме. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 90 бет.

Кононов А. **Ленин жөнүндө аңгеме.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 52 бет.

Сыдыкбеков Т. **Ала-Тоодон алтоо.** Повесть. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 90 бет.

Кононов А. **Чапаев жөнүндө аңгемелер.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 58 бет.

Веретенников Н. **Володя Ульянов.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 60 бет.

Айтматов Ч. **Жамийла.** Повесть. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 51 бет.

ӨМҮР ЖОЛУ. ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Орус тилинде

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Био-библиографиялык справочник, Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969. 103—105-беттер.

КАЧКЫНБАЙ АРТЫКБАЕВ



Белгилүү сынчы, адабиятчы, акын жана котормочу Качкынбай Артыкбаев 1934-жылы азыркы Москва районундагы Карл Маркс атындагы колхоздун Кепер-Арык кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган.

Буденный орто мектебин бүтүргөндөн кийин К. Артыкбаев 1951-жылдан 1956-жылга чейин Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинде окуп, ошол эле жылы республикалык «Ленинчил жаш» газетасына ишке орношкон. 1958-жылга чейин «Ленинчил жаш» газетасынын пропаганда жана агитация бөлүмүнүн башчысы, редколлегия мүчөсү болуп иштейт.

1959-жылдан 1961-жылга чейин «Ала-Тоо» журналынын сын бөлүмүндө, Кыргызстан мамлекеттик басмасында көркөм адабият бөлүмүнүн башчысы болуп 1967-жылга чейин кызмат өтөйт. Кыргыз мамлекеттик университетинин аспирантурасында сырттан окуп, 1966-жылы филология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражага ээ болот. 1967-жылдан бери СССРдин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинде иштейт. 1955-жылы «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Ала-Тоо») журналына жарыяланган «Москвич жөнүндө диалог» деген биринчи ырынан тартып анын ырлары, поэмалары республикалык газета-журналдарга, альманахтарга үзбөй чыга баштайт.

Биринчи китеби 1964-жылы «Байчечекей» деген ат менен жарык көргөн.

К. Артыкбаев адабий сын, адабият таануу ишине студент кезинен тартып эле кызыга баштайт. 1956-жылы анын «Жаш акындардын чыгармаларындагы А. Осмоновдун таасири жөнүндө» деген көлөмдүү макаласы «Ленинчил жаш» газетасына жарыяланган. Ошондон бери ал кыргыз адабий сыны менен адабият таануусунун өнүгүшү үчүн белсемдүү киришип, активдүү жана жемиштүү эмгектенип келе жатат.

Кыргыз адабиятынын ар түрдүү проблемаларына байланыштуу жазылган «Чалгын», «Изденүүлөр жана табылгалар», «Ар түрдүү издер», «Сын са-

пары», «Чыгармалар жана ойлор» аттуу китептери, изилдөөлөрү К. Артыкбаевди республикага белгилүү сынчы, адабиятчы катары таанытты.

К. Артыкбаев көркөм очерктерди, фельетондорду, публицистикалык макалаларды жазууга да катышып келе жатат.

К. Артыкбаев көркөм котормо ишине да киришип, Александр Прокофьевдин, Расул Гамзатовдун, Мирсанд Миршакардын, XIX кылымдагы Азербайжан акыны Мырза Шафинин, XI кылымдагы акын Юсуп Баласагундун лирикаларын, поэмаларын, белорус жазуучусу Алесь Пальчевскийдин ангемелерин которду.

К. Артыкбаев 1959-жылдан КПССтин, 1962-жылдан СССР жазуучулар Союзунун, 1958-жылдан СССР журналисттер Союзунун мүчөсү.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Чалгын. Адабий сын макалалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 275 бет.

Байчечекей. Ырлар жана поэмалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1964. 158 бет.

Баатырлар сымбаты. Очерктер. (А. Табалдиев менен бирге.) Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1965. 140 бет.

Изденүүлөр жана табылгалар. (Аалы Токомбаевдин акындык устаттыгы жөнүндө). Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1966. 308 бет.

1916-жылдагы үркүндө эл менен бирге бөтөн жерге барып, кайра келет. Октябрь революциясынын жеңишин ачарчылыкта тентип жүрүп Таластан угат. 1918-жылдын башында Пишпекке келип, түзүлүп жаткан жаңы бийликти өз көзү менен көрөт. Пролетарлаттардын демократтык союзу деген жаңы уюмга өтөт, тапшырмаларын аткарат. Ошол жылы Алма-Атада чакырылган Жети-Суу областынын биринчи Советтер съездине Пишпек уездинен делегат болуп катышат. Съездде большевиктер менен меньшевиктердин талаш-тартыштарын көрүп, большевиктердин тууралыгын биротоло түшүнөт.

Ы. Шайбеков ошондон тартып барлык күчүн коомдук ишке жумшайт. 1920-жылы Нарын уездик ревкомдо иштеп турганда, эсерлер көтөрүлүшүн басуу операциясына катышат. 1923—1924-жылдары Быстровка волосунун председатели болуп иштейт. Анан чарба, кооперация кызматтарында жүрүп, ыр жазууга киришет. Кийин СССР жазуучулар Союзуна өтүп, чыгармачылыгын улантат. Ысактын «Кайран эл», «Азган эл» аттуу чыгармалары эски жана жаңы турмушту таасын сүрөттөйт.

Ысак Шайбеков «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта каарман эмгеги үчүн» медалы менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Ысактын ырлары. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1936. 17 бет.

Кайран эл. Кемин капчыгайы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1940. 29 бет.

Ырлар жыйнагы. Фрунзе—Казан, Кыргызмамбас, 1940, 32 бет.

Ысактын ырлары. (Кириш сөзү. А. Токомбаевдики). Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955. 63 бет.

Жазгыч акындар. Фрунзе, изд. АН Кирг. ССР, 1956. 23—56-беттер.

Кайран эл. (Ырлар жыйнагы) Фрунзе «Кыргызстан» 1975-ж.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Токомбаев А. **Ысак Шайбеков жана анын чыгармалары** — Китепте: **Ысактын ырлары.** (А. Токомбаевдин башкы сөзү жана редакциясы астында), Фрунзе, Кыргызмамбас, 1936. 7—21-беттер.

Таштемиров Ж. **Карыя акындын ырлары.**— «Кызыл Кыргызстан», 1955, 11-сентябрь.

Токомбаев А. **Карыя акын.** (Шайбеков Ысактын 75 жылдыгына карата) — «Кызыл Кыргызстан», 1956, 4-январь.

Ысак Шайбеков. (Некролог) — «Советтик Кыргызстан», 1957, 24-апрель.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 31—32-беттер.

Токтобаева Р. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, 1958. 35—36-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик китепканасы.)

Байходжоев С. **Кириш сөз.**— Китепте: Жазгыч акындар. (Ырлар жыйнагы.) Изд. АН Кирг. ССР, 1956. 3—22-беттер.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 442—445-беттер.

Мусаев С., Таштемиров Ж., Маленов Б. **Ысак Шайбеков.** (1880—1957) — Китепте: Мусаев С., Таштемиров Ж., Маленов Б. Кыргыз адабияты. (9-класстар үчүн окуу китеби). Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1964. 318—326-беттер.

Байходжоев С. **Эл акынын эл эскерет.** (Ы. Шайбеков) — «Кыргызстан маданияты», 1971, 29-декабрь.

Орус тилинде

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 31—32-беттер.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969. 578—580-беттер.

ТӨЛӨН ШАМШИЕВ



Акын Төлөн Шамшиев 1913-жылы кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. 6 жашка чыкканда атасы өлүп, энесинин колунда тарбияланат. Жокчулуктун айынан өзү да бала кезинен байларга жалданып иштеген.

1927-жылы айыл Совети аны Өзгөн шаарындагы интернатка жиберет. Интернатта эки жыл окугандан кийин Жалал-Абад педтехникумуна жиберилип, анда 1932-жылга чейин окуйт.

1932-жылы «Ленинчил жаш» газетасында иштеп, кийин «Ленинчил жаш» газетасында редактор болот.

1942—1946-жылдары Т. Шамшиев Советтик Армиянын катарында кызмат аткарат, Ата Мекендик согушта Берлинге чейин барат. 1946-жылы аскерден келип 1949-жылга чейин Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы радиокомитеттин председателинин орун басары болуп кызмат аткарат. 1949-жылдан кийин «Кызыл Кыргызстан» газетасынын бөлүм башчысы, жазуучулар Союзунун консультанты, Кыргызстан мамлекеттик басмасында, Кыргызстан мамлекеттик окуу педагогика басмасында редактор болуп кызмат аткарды.

Т. Шамшиев 1938-жылдан КПССтин, 1936-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө. Ал Кыргыз ССР Жогорку Советинин биринчи чакырылышынын депутаты болуп шайланган.

Т. Шамшиевдин чыгармачылык иши 1930-жылдан башталат. Анын ырлары «Кызыл пахтачы», «Кызыл Кыргызстан», «Ленинчил жаш» газеталарына жарыяланып турат. 1934-жылы «Отуз адыр» аттуу поэмасы китеп болуп чыккандан кийин, ал элге таанылган акындардын катарына кошулат. 1935-жылы «Жаңы заман жаштары» аттуу экинчи ырлар жыйнагы, «Жеткинчектерге» деген балдарга арналган китептери чыгат. Ошол эле жылы «Көз жаштары» аттуу түштүк кыргыз кедейлеринин турмушунан алынган 10 сүрөттүү, 4 көшөгөлүү драмасы басмадан өзүнчө китеп болуп жарыяланат.

1937-жылы «Жеңиш ыры», «Толкундар арасында» деген эки китеби жа-

рыкка чыгат. Булардан башка согушка чейин «Жүрөгүм менен», «Баатыр жөнүндө ыр» аттуу китептери жана балдарга арналган ырлар жыйнагы чыгат. Согуштан кийин Т. Шамшиевдин «Солдаттык күндөр», «Достор», «Тынчтык жана эмгек», «Үч дөбө», «Күжүрмөн жылдар» деген китептери чыкты. Анын «Ала-Тоо шаары», «Менин элимдин таалайы», «Ырлар», «Өзгөрүлгөн жер», «От ичинде» деген китептери орус тилине которулган. Ал көптөгөн ишинде да көп эмгектенди. Т. Шамшиев В. В. Маяковскийдин «Ким болсом?», С. Айнинин «Бухара» романын жана башкаларды которгон.

Төлөн Шамшиев «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн», «Берлинди алгандыгы үчүн» жана «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн», «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун жеңиштүү аяктаганына XX жыл», «СССРдин куралдуу күчтөрүнө 50 жыл», «1941—1945-жылдардагы согуштун жеңишине 25 жыл», «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин отуз жылдыгы» медалдары менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Отуз-Адыр. Поэма жана ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1934. 48 бет.

Жаңы заман жаштары. Ырлар жыйнагы. 2. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1935. 58 бет.

Жеткинчектерге. Мектеп балдары үчүн. Альманах. Фрунзе—Казан, Кыргызмамбас, 1935. 40 бет.

Көз жаштары. 10 сүрөттүү, төрт көшөгөлүү музыкалуу драма. (Түштүк кыргыз кедейлеринин эски турмушунан) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1935. 44 бет.

Көз жаштары. Он сүрөттүү, төрт көшөгөлүү драма. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1939. 75 бет.

Жеңиш ыры. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1937. 66 бет.

Толкундар арасында. Ырлар жыйнагы. 5-китеп. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1938. 99 бет.

Баатыр жөнүндө ыр. Фрунзе—Казан, Кыргызмамбас, 1940. 88 бет.

Балдар үчүн. Ырлар. Фрунзе—Казан, Кыргызмамбас, 1940. 57 бет.

Фронттук ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1942. 28 бет.

Солдаттык күндөр. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1947. 55 бет.

Ырда достук. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1949. 65 бет.

Тынчтык жана эмгек. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1952. 104 бет.

Үч дөбө. Ырлар жана поэмалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1954. 80 бет.

Күжүрмөн жылдар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955. 128 бет.

Ырдасам. Ырлар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 120 бет.

Белек. Аңгемелер. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 102 бет.

Турмуш таасирлери. Тандалмалуу чыгармалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1963. 202 бет.

Орус тилинде

Ала-Тоо шаары. Ырлар. М., Гослитиздат, 1939. 68 бет.

Менин элимдин таалайы. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1950. 94 бет.

Ырлар. М., «Сов. писатель», 1957. 82 бет.

Кайра жаралган жер. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 147 бет.

Мейманда жана үйдө. Аңгемелер. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1961. 121 бет.

От ичинде. Поэма. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1960. 84 бет.

Панфиловчулар согушта. (Аңгемелер жыйнагы). Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 132 бет.

Шахтёрдун уулу. (Очерктер жана аңгемелер). Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1966. 116 бет.

КОТОРГОН КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Квитко Л. М. **Ворошиловго кат.** Мектепке чейинки балдар үчүн. М., Балдар басмасы, 1938. 12 бет.

Маяковский В. В. **Ким болсом?** Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1954. 24 бет.

Айни С. **Бухара.** (Эстеликтер). Фрунзе, Кыргызмамбас, 1954. 348 бет.

Турсун Парда. **Окутуучу.** Роман. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955. 556 бет.

Тихонов Н. С. **Эр жүрөк партизан.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1956. 38 бет.

Муса Жалил. **Тандалма чыгармалар.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 319 бет. (К. Жунусов менен бирге).

Кайра жаралган жер. (Ырлар) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 147 бет.

МАКАЛАЛАРЫ, РЕЦЕНЗИЯЛАРЫ, ОЧЕРКТЕРИ

Кыргыз тилинде

Акындын жолу.— «Кызыл Кыргызстан», 1949, 11-ноябрь.

Паровозчу Аписа. (Очерк) — «Советтик Кыргызстан», 1951, № 10, 44—50-беттер.

Советтик өзбек акыны Гафур Гулям. (Туулганына 50 жыл толушуна карата).— «Кызыл Кыргызстан», 1953, 26-май.

Акын патриот жөнүндө эске түшүрүүлөр. (Татар акыны Муса Жалил жөнүндө) — «Советтик Кыргызстан», 1956, 8-февраль.

Күн чыгыш өлкөлөрүн аралаганда.— «Ала-Тоо», 1960, № 8, 77—86-беттер.

Унутулгус күндөр. Баатыр Панфиловчулар жөнүндө.— «Советтик Кыргызстан», 1962, 16-ноябрь.

Гвардиячылардын катарында. Фронттук эскерүүлөрдөн.— «Ала-Тоо», 1962, № 12, 90—94-беттер.

Кыйын күндө кыналган достук. (Мугалим С. И. Любимцев жөнүндө очерк) — «Ленинчил жаш», 1963, 24-май.

Эстен чыкпас элестер.— «Ленин жолу», 1963, 2-август.

Солдаттык достук. (Фронттук дептерчеден) — «Ала-Тоо», 1965, № 5, 72—76-беттер.

Элдик комузчулар.— «Кыргызстан маданияты», 1967, 24-март.

Эстен чыккыс эстелик. (Жаңы заманга жарым кылым) — «Кыргызстан маданияты», 1967, 19-май.

Тарас Шевченконун «Осуяты». (Кыргызстандагы Украин адабиятынын декадасы).— «Советтик Кыргызстан», 1968, 1-октябрь.

Орус тилинде

Бир тууган жээкте.— «Советская Киргизия», 1951, 16-сентябрь.

Чаткалдагы кылмыш.— «Литературная газета», 1951, 2-октябрь.

Көркөм чыгарманын тили жөнүндө. Жазуучунун заметкалары.— «Советская Киргизия», 1952, 9-январь.

Жаңы жерде.— «Советская Киргизия», 1952, 25-декабрь.

Отуз-Адырдан жолугушуу.— «Советская Киргизия», 1954, 21-ноябрь.

Жагымдуу мелодия. (Жазуучунун блокнотунан) — «Комсомолец Киргизии», 1959, 8-май.

Афган жеринде.— «Современный восток», 1960, № 7, 36—37-беттер.

Индиянын үч шаарында.— «Современный восток», 1960, № 8, 42—44-беттер.

Кыйынчылык жылдар. (Фронттогу эстеликтер) — «Ленинский путь», 1962, 31-декабрь.

Мен кубанам сага, турмушум. (Совет өкмөтү уюшулгандан берки өзгөргөн турмушуна кубанат) — «Ленинский путь», 1963, 5-июль.

Өз жеримде.— «Мугалимдер газетасы», 1963, 14-сентябрь.

Республикабыздын жашыл музейи. (Фрунзедеги ботаника багы жөнүндө) — «Мугалимдер газетасы», 1964, 6-октябрь.

Фронттогу курбуларым. (Солдаттык блокноттон) — «Комсомолец Киргизии», 1965, 10-март.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧАГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Бейшекеев Ж. **Акындын жолу. Төлөн Шамшиев тууралу.**—«Ала-Тоо», 1938, № 1, 7—9-беттер.

Ыйманкулов К. **Баатыр жөнүндө ыр.**— «Ленинчил жаш», 1941, 16-апрель.

Шиваза Я. **Төлөндүн ырлары жөнүндө кээ бир пикирлер.**— «Советтик Кыргызстан», 1948, № 4, 65—68-беттер.

Мамбетов С. **Акын Төлөн Шамшиевдин ырлары жөнүндө.**— «Советтик Кыргызстан», 1953, № 10, 91—93-беттер.

Асаналиев К. **Эки китеп жөнүндө.**— «Ленинчил жаш», 1955, 3-июль.

Абдыкадырова Ж. «Күжүрмөн жылдар»,— «Советтик Кыргызстан», 1956, № 3, 87—89-беттер.

Төлөн Шамшиев.— «Ала-Тоо», 1958, № 8, 96-бет. (Декадага катышуучулар өзүнүн даярдыгын айтат).

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 112—113-беттер.

Токтобаева Р. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, 1958, 85—97-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы).

Иманалиев К. **Акын жазуучу, котормочу.** (Төлөн Шамшиевдин 50 жашка толушуна карата) — «Ленинчил жаш», 1963, 27-сентябрь.

Үметалиев Т. **Акын жана жоокер.** (Акын-жазуучу Төлөн Шамшиевдин 50 жашка толушуна карата).— «Ленин жолу», 1963, 28-сентябрь.

Жоокер акындын юбилейи. (50 жашка толушуна карата).— «Советтик Кыргызстан», 1963, 29-сентябрь.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962, 446—451-беттер.

Үметалиев Т. **Эр ортону...** (Т. Шамшиевдин 50 жашка толгондугуна карата) — «Ала-Тоо», 1963, № 8, 86—87-беттер.

Бапаев Х. **Өмүрдөгү издер.** (Акын Т. Шамшиев 60 жашта) — «Кыргызстан маданияты», 1973, 11-октябрь.

Орус тилинде

Евгеньев С. **Поэт-агитатор.**— «Молодая гвардия», 1939, № 10, 111—138-беттер.

Липкин С. **Кириш сөз.**— Китепте: Шамшиев Т.— «Ала-Тоо», М., 1939. 328-бет.

Пратусевич М. **Ала-Тоо шаары.**— «Лит. газета», 1939, 20-август.

Горячих В. **Төлөн Шамшиевдин ырлары.**— «Киргизстан», кн. 3. 1941. 167—181-беттер.

Бутенко Н. **Менин элимдин бактысы.**— «Комсомолец Киргизии», 1951, 12-февраль.

Дароян С. **Өткөндү кайталоо.**— «Советская Киргизия», 1958, 31-июль.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстандын адабияты.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 125—126-беттер.

Лосев Д. С., Морозов О. Д. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, 1958, 96—98-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы).

Михайлов Л. **Халтурага жол жок!** — «Комсомолец Киргизии», 1961, 24-март.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Био-библиографиялык справочник) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969, 581—585-беттер.

Төлөн Шамшиев 60 жашта.— «Литературный Киргизстан», 1973, № 5, 92-бет.



САЛИБАЙ

ШАТМАНОВ

Акын Салибай Шатманов 1932-жылы Ош областынын Ленин районундагы Кызыл-Жар кыштагында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. С. Шатманов онунчу классты 1950-жылы Таш-Көмүр шаарындагы кыргыз орто мектебинен бүттү. Ал жылы Жаңы-Жол районунун Большевик башталгыч мектебинде мугалим болуп иштеди.

1951-жылы Жалал-Абаддагы мугалимдер институтуна кирип, аны 1953-жылы бүтүп чыкты. Институтту бүткөндөн тартып мектептерде окуу бөлүмүнүн башчысы, директор, муталим болуп 1960-жылга чейин иштеп келди.

1961—1966-жылдарда Кыргызстан мамлекеттик университетинде окуду. 1966-жылдын апрель айынан тартып «Мугалимдер газетасында» бөлүм башчысы болуп иштеп жатат. Анын биринчи ыры 1950-жылы «Болот коргон» деген ат менен мурдагы Жалал-Абад областтык «Большевиктик жол» газетасына жарыяланган. Андан бери анын ырлары республикалык газета-журналдарда үзгүлтүксүз жарыяланып келатат.

С. Шатманов 1967-жылдан бери СССР жазуучулар Союзунун мүчөсү. Ал «Каарман эмгеги үчүн. Владимир Ильич Лениндин туулган күнүнүн жүз жылдыгынын урматына» юбилейлик медалы, Кыргыз ССРинин «Эл агартуу отличниги» белгиси менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Гүл десте. (Ырлар жана поэмалар). Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1961. 127 бет.

Жер ортосу. (Ырлар). Бөбөктөр үчүн. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1965. 26 бет.

Тоо сүрөттөрү. (Ырлар). Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1966. 53 бет.

Гүлбадам. (Ырлар). Тестиер балдар үчүн. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1967. 34 бет.

Соз (Ырлар). Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1968. 46 бет.

Кызыл ат минген нур жигит. (Очерк). Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1970, 49 бет.

Алтын топурак. (Очерк). Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1970. 54 бет.

Ата мурасы. (Ырлар). Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1972. 82 бет.

Адамдын жарыгы адамга тиет. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1973. 58 бет.

Дан жана ыр. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1975. 78 бет.

МАКАЛАЛАРЫ ЖАНА ОЧЕРКТЕРИ

Кыргыз тилинде

«Биринчи мугалимдеги» новаторлук.— «Мугалимдер газетасы», 1966, 11-июнь.

Өрт кечкен өмүр.—«Ала-Тоо», № 11, 1966, 117—123-беттер.

Н. М. Карамзин. Туулган күнүнө 200 жыл толушуна карата).— «Ленинчил жаш», 1966, 11-декабрь.

Танабай — биздин доордун адамы.— «Мугалимдер газетасы», 1966, 20-декабрь.

Тарыхый дастан.— «Ленинчил жаш», 1967, 1-март.

Күндөлүк көркөм чыгарма.— «Мугалимдер газетасы», 1967, 16-декабрь.

Сатиранын солдаты. (С. Бөлөкбаевдин 50 жашка толушуна карата) — «Мугалимдер газетасы», 1968, 18-сентябрь.

Тууган жер жөнүндө ода. (Т. Үмөталиевдин «Кызыл-Жар» поэмасынын Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыкка көрсөтүлүшүнө карата).— «Ленинчил жаш», 1970, 21-февраль.

Илим дүйнөсүндөгү из.— «Кыргызстан маданияты», 1970, 8-апрель.

Менин Дагестаным.— «Мугалимдер газетасы», 1972, 28-июнь

Кызыл мончок.— «Кыргызстан маданияты», 1972, 5-октябрь.

Талант карыбайт. (К. Баялиновдун 70 жашка толушуна карата).— «Мугалимдер газетасы», 1972, 14-октябрь.

Баатырдык жана өлбөстүк. (Юлиус Фучиктин туулган күнүнүн 70 жылдыгына карата).— «Мугалимдер газетасы», 1973, 24-февраль.

Балдар деп согот жүрөгү. (С. В. Михалков 70 жашта.) — «Мугалимдер газетасы», 1973, 10-март.

Ишенимдүү кадам.— «Ала-Тоо», 1973, № 6, 157—159-беттер.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАРЫ

Ашырбеков М. **«Гүлдесте».**— «Ленин жолу», 1962, 28-январь.

Исманилов О. **Элестүү сүрөттөр.**— «Кыргызстан маданияты», 1967, 27-декабрь.

Исманилов О. Атын актаган жыйнак.— «Ленинчил жаш», 1969, 8-апрель.

Самаганов Ж. Советтик Кыргызстан жазуучулары. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969, 383—385-беттер.

Назаралиев Т. Жаштыктын жалындуу кайрыктары.— «Ленинчил жаш», 1973, 3-февраль.

ВИКТОР ШВЕМБЕРГЕР

(1892—1970)



Драматург Виктор Александрович Швембергер 1892-жылы Ставрополь шаарында аскер кызматчысынын үй-бүлөсүндө туулган. Кийин Ростов-на-Дону шаарында счетоводдун курсун бүтүрөт. 1912-жылы Москвага келип, акционердик коомдун заводунун конторасында төрт жыл иштейт. 1916-жылы Ф. Ф. Комиссаржевскийдин драмалык студиясына алынат, жарым жыл өтпөй, Вахтангов жетекчилик кылган О. Ю. Гунстун драмалык студиясына которулат.

1918-жылы В. Швембергер Москвада уюштурулган 25-артиллериялык дивизионго өз ыктыяры менен кирет. 1919-жылы Украинада көчүп жүрүүчү театрга артисттикке алынат. 1921-жылдан 1922-жылга чейин Чернигов театрында иштейт. 1922-жылы Москвага келип, Е. Б. Вахтангов атындагы театрдын студиясында бир жыл иштейт. Ошол кезден тартып, В. Швембергер Москвада куурчак театрын уюштуруу жана ага жаңы репертуар жаратуу үстүндө иштейт.

Ата Мекендик согуш мезгилинде Швембергер театр үчүн бир канча антифашисттик темадагы пьесаларды жазат.

1944-жылы В. Швембергер Фрунзе шаарындагы республикалык куурчак театрына келип, көркөм жетекчилик кызматын аткарат. Ал койгон «Таластык мергенчи», «Көк туйгун», «Гүлбаранын уурдалышы» жана башка пьесалары кенен белгилүү. В. Швембергердин пьесалары союздук ондогон шаарларда коюлган.

В. Швембергер 1947-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө болгон. Драматургияда жана театрда сиңирген эмгеги үчүн «Кыргыз ССР искусствосунун эмгек сиңирген ишмери» деген наам берилген.

КИТЕПТЕРИ

Орус тилинде

Куурчак театры үчүн пьесалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 103 бет.
Төрт азамат. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1958. 28 бет.

КОТОРГОН КИТЕПТЕРИ

Орус тилинде

Эшмамбетов К. Атактуу малчы Адыл. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 19 бет.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧАГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги). Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962, 452—453-беттер.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Био-библиографиялык справочник). Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969, 588—590-беттер.

К. Абдыкеримов. **Бир повесттин котормосу жөнүндө.**— «Литературный Киргизстан» 1959, № 2, 111—114-беттер.

ЯСЫР ШИВАЗА



Советтик дунган адабиятынын негиз салуучусу, Кыргыз ССРинин эл акыны Я. Шиваза 1906-жылы Чүй өрөөнүндөгү Александровка селосунда темир устанын үй-бүлөсүндө туулган. Ясырдын атасы 1867-жылдагы козголоң жеңилгенден кийин Кытайдын Шеньси провинциясынан качып келген.

Ясыр Шиваза бала чагында атасынын устаканасына жардам берип, айылдык дин мектебинде окуган. Атасы 1918-жылы коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө өтүп, революциянын ишине активдүү катышкан, баласына жаңыча тарбия берүүгө аракеттенген. Ясыр 1924-жылы Ташкенттеги эл агартуу институтуна кирген. Аны 1930-жылы бүтүрүп келип, Фрунзе шаарындагы дунган мектебине директор, педтехникумга мугалим болуп иштеген. Ошол эле мезгилде башка дунган жолдоштор менен биргелешип, дунган жазуусун, орфографиясын, алиппесин түзгөн, кийин окуу китептерин жазган. 1931—1938-жылдары Кыргызстан мамлекеттик басмасында дунган тили жана адабияты боюнча башкы редактор болуп иштеген, 1938—1942-жылдары жазуучулар союзунда консультант жана жетекчи кызмат аткарган. 1942—1946-жылдары советтик армиянын катарына офицер болуп кызмат аткарды.

1946-жылы армиядан кайтып, 1954-жылга чейин Кыргызстан жазуучулар Союзунда консультант, жооптуу секретарь болуп иштеди. 1954-жылдан бери адегенде Кыргызстан мамлекеттик басмасында, анан «Октябрь туусу» аттуу дунган газетасынын редактору болуп иштеди.

Я. Шиваза 1940-жылдан бери КПССтин, 1934-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө.

1929-жылдан баштап өзүнүн чыгармачылык ишмердүүлүгү башталгандан бери Я. Шиваза бир канча ырлар жыйнагын, поэмаларын, аңгеме жана повесттерин дунган, кыргыз жана орус тилдеринде чыгарган. Алардын арасында «Революциянын бороону» деген ырлар жыйнагы, «Мейянзинин тагдыры» деген повести, «Шивазанын ырлары» деген жыйнактары бар.

1937-жылы Я. Шивазанын «Тандалган ырлар» деген жыйнагы орус тилинде чыккан. Совет бийлигинин мезгилиндеги дунган элинин тагдыры жөнүндө жазуучу 1938-жылы биринчи жолу жарыкка чыккан «Басып өткөн жол» деген романында көрсөткөн.

1941-жылы Ясыр Шивазанын «Чолпон» деген ырлар жана поэмалар жыйнагы кыргыз тилинде чыгат. 1947-жылы анын «Чыныдагы жазуу» деген ырлар жыйнагы орус тилинде чыгарылат.

Ясыр Шиваза бир топ ири поэмалардын автору. Анын «Соолгон гүл», «Муса» деген повесттери окуучулар арасында кеңири белгилүү.

1958-жылы Москвадан өткөн кыргыз искусствосу менен адабиятынын декадасында Я. Шивазанын чыгармалары жогору бааланды.

Ясыр Шиваза советтик дунган маданиятына, кыргыз адабиятына сиңирген эмгеги үчүн Эмгек Кызыл Туу, «Ардак белгиси» ордендери менен «Берлинди алгандыгы үчүн», «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңип чыккандыгы үчүн», «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун жеңиштүү аяктаганына XX жыл», «СССРдин куралдуу күчтөрүнө 50 жыл», «1941—1945-жылдардагы согуштун жеңишине 25 жыл», «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы жеңиштин отуз жылдыгы» медалдары менен сыйланган.

КИТЕПТЕРИ

Дунган тилинде

Таң алдындагы жылдыз. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1931. 67 бет.
Революциялык кыймыл. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1932. 43 бет.
Эмгек гүлү. Ырлар жана поэма. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1934. 107 бет.
Мейязынын тагдыры. Повесть. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1934. 38 бет.
Өткөн жол. Повесть. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1939. 121 бет.
Менин жаңы үйүм. Повесть. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1949. 94 бет.
Тандалган ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 217 бет.
Менин жолдоштorум. Роман. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 197 бет.
Жазгы жел. Ырлар. Кыргызмамбас, 1960. 95 бет.
Саламатпы, менин мекеним. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1963. 97 бет.
Саламатпы, жаз. Ырлар. Поэмалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1967. 220 бет.

Кыргыз тилинде

Чолпон. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1931. 67 бет.
Революция толкуну. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1932. 44 бет.
Чыныдагы жазуу. Ырлар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1948. 119 бет.
Муса. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1952. 55 бет.
Туулган күн. Ырлар жана поэмалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955, 107 бет.
Менин досторум. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1956. 217 бет.
Жазгы жел. Ырлар. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1966. 138 бет.

Кайрылуу. (Ырлар жана поэма.) Жаштар үчүн. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1971. 78 бет.

Орус тилинде

Тандалган ырлар. М., Гослитиздат, 1937. 55 бет.
Чыныдагы жазуу. Ырлар. М., «Сов. Писатель», 1947. 94 бет.
Жашыл дайра. Ырлар жана поэмалар. М., Гослитиздат, 1958. 159 бет.
Жазгы жел. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 71 бет.

МАКАЛАЛАРЫ, РЕЦЕНЗИЯЛАРЫ, ОЧЕРКТЕРИ

Кыргыз тилинде

Адабияттын жана искусствосунун өсүш жылы. — «Кызыл Кыргызстан», 1941, 1-январь.
Кыргыздын советтик адабияты. — «Кызыл Кыргызстан», 1941, 1-февраль.
Жаңы кишилердин образын түзөлү. — «Кызыл Кыргызстан», 1946, 1-сентябрь.
Ата Мекендик согуш күндөрүндө кыргыз адабиятындагы патриоттук сезим. — «Советтик Кыргызстан», 1947, № 5, 3—7-беттер.
Төлөндүн ырлары жөнүндө кээ бир пикирлер. — «Советтик Кыргызстан», № 4, 65—68-беттер.
Жазуучулар балдар үчүн. — «Кыргызстан пионери», 1950, 24-ноябрь.
Жаш жазуучулардын чыгармачылыгы жөнүндө. — «Советтик Кыргызстан», 1951, № 3, 56—64-беттер.
Кыргыз совет адабияты жаңы жылда. — «Ленинчил жаш», 1952, 1-январь.
Жогорку идеялуу көркөм чыгарма үчүн. — «Большевиктик жол», 1952, 7-декабрь.
Кыргыз адабиятынын гүлдөшү. — «Кызыл Кыргызстан», 1953, 6-ноябрь.
Жазуучулар жаңы жылда. — «Кызыл Кыргызстан», 1954, 1-январь.
Советтик адабият жана искусство дүркүрөп өсөт. — «Кызыл Кыргызстан», 1954, 17-февраль.
Советтик кыргыз адабияты гүлдөп жатат. Кыргызстан жазуучулар союзунун секретары Я. Шиваза менен болгон ачгеме. — «Ысык-Көл правдасы», 1954, 6-апрель. — «Коммунизм туусу», 1954, 4-апрель.
Советтик кыргыз адабияты жыйырма жыл ичинде. — «Кызыл Кыргызстан», 1954, 4-сентябрь.
Ясыр Шиваза (Адабият жана искусствосунун Москвада өтө турган декадасына карата) — «Ала-Тоо», 1958, № 9, 95-бет.

Орус тилинде

Октябрь жараткан адабият. — «Советская Киргизия», 1941, 1-февраль.
Алыкул Осмоновдун чыгармачылыгы жөнүндө. — «Советская Киргизия», 1946, 21-июль.
Көркөм котормонун сапаты жөнүндө. — «Советская Киргизия», 1951, 1-июль.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Адабият хроникасы. (Я. Шивазанын чыгармаларынын дүйнөлүк тилдерге которулушу жөнүндө) — «Ленинчил жаш», 1938, 18-июль.

Токтомушев А. **Ясыр Шиваза.**— «Кызыл Кыргызстан», 1939, 18-апрель.

Дунган элинин таланттуу акыны.— «Кызыл Кыргызстан», 1939, 23-декабрь.

Токомбаев А. (Балка) **Чоң акынга чоң эскертүү.**— «Советтик Кыргызстан», 1948, № 8, 59—64-беттер.

Байтемиров Н. **«Чолпон»** — «Советтик Кыргызстан», 1950, № 2, 54—60-беттер.

Токобаев М. **Советтик дунган поэзиясынын түзүүчүсү.**— «Советтик Кыргызстан», 1956, 10-январь.

Бейшеналиев Ш. **Советтик дунган адабиятынын тунгуч уулу.** (Я. Шивазанын элүү жашка толушуна карата) — «Ленинчил жаш», 1956, 6-май.

Үметалиев. Т. **Ясыр Шиваза жана анын чыгармалары.** (Туулган күнүнө 50 жыл) — «Ала-Тоо», 1956, № 5, 59—65-беттер.

Акын Ясыр Шиваза. (Акындын 50 жылдыгына карата Кыргызстан жазуучулар союзунун башкармасынын президиумунун куттуктоосу) — «Советтик Кыргызстан», 1956, 10-июнь

Советтик дунган поэзиясынын түзүүчүсү.— «Советтик Кыргызстан», 1956, 15-июнь.

Сушанло М. **Ясыр Шиваза.** (Кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвада болуучу декадасына карата) — «Советтик Кыргызстан», 1958, 6-апрель.

Дароняи С. **Ясыр Шиваза — дунган акыны.**— Китепте: Кыргыз совет адабияты. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 153—162-беттер.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 72—73-беттер.

Токтобаева Р. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, 1958, 77—79-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г .Чернышевский атындагы мамлекеттик китепканасы).

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын справочниги) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962, 454—457-беттер.

Макеева Ф. **Акын Ясыр Шиваза.** (Туулганына 60 жыл) — «Ала-Тоо», 1966, № 5, 152—155-беттер.

Макеева Ф. **Дунган маданиятынын жоокери.**— «Кыргызстан аялдары», 1966, № 6, 16-бет.

Сушанло М., Яншансин Ю. **Жаңы ийгилигин каалайбыз.** (Я. Шивазанын 60 жашка толушуна карата) — «Советтик Кыргызстан», 1966, 2-октябрь.

Сыдыкбеков Т. **Акын карыбайт.** (Я. Шивазанын 60 жашка толушуна карата) — «Советтик Кыргызстан», 1966, 2-октябрь.

Шимеев С. **Акындын жаштыгы.** (Я. Шивазанын 60 жашка толушуна карата) — Ленинчил жаш, 1966, 2-октябрь.

Орус тилинде

Васильев Б. **Октябрь жана дунган адабияты.**— Записки института востоковедения АН СССР, вып. III, 1934, 39—51-беттер.

Врубель С. А. **Дунган тили жана адабияты жөнүндө.**— «Литературный Казахстан», 1935, № 5, 74—80-беттер.

Ощакевич Ф. **Ясыр Шиваза.**— «Советская Киргизия», 1935, 29-декабрь.

Ощакевич Ф., Беккер Э. **Дунган поэзиясы.**— Народное творчество, 1937, № 5, 38—42-беттер.

Сикар Е. **Дунган адабиятынын пионери.**— «Новый мир», 1937, № 8, 275—278-беттер.

Беккер Э. **Кайгынын жана таалайдын ырчысы.**— «Литература и искусство Казахстана», 1938, № 11, 97—99-беттер.

Ощакевич Ф. **Баш сөз ордуна.**— Китепте: Шиваза Я. Чыныдагы жазуу. М., Гослитиздат, 1939, 3—10-беттер.

Емельянов Б. **Биз билбеген акын.**— «Литературная газета», 1939, 20-июнь.

Сикар Е. **Ясыр Шиваза.**— «Огонёк», 1939, № 28, 21—22-беттер.

Костин Е. **Дунган элинин ырчысы.**— «Советская Киргизия», 1939, 22-ноябрь.

Ощакевич Ф. **Дунган акыны.**— «Киргизстан», 1940, кн. 1, 172—182-беттер.

Земляк Я. **Дунган элинин ырчысы.** (Я. Шивазанын 50 жашка толушуна карата) — «Советская Киргизия», 1956, 13-май.

Ызыр Шиваза. (Я Шивазанын 50 жашка толушуна карата)— «Комсомолец Киргизии», 1956, 20-май.

Сушанло М. **Ясыр Шивазанын чыгармасы жөнүндө.**— Труды института языка и литературы АН Кирг. ССР, вып. 7, 1956, 155—167-беттер.

Дунган элинин акыны. (Ясыр Шивазанын туулган күнүнүн 50 жылдыгы) — «Киргизстан», 1956, № 3, 3—4-беттер.

Ясыр Шиваза. Китепте: Большая советская энциклопедия, изд. т. 48, 1957, 31-бет.

Дароняи С. **Ясыр Шиваза—дунган акыны.**— Китепте: Киргизская советская литература. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 153—162-беттер.

Дунган акыны.— «Советская Киргизия», 1958, 17-август.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 82—83-беттер.

Лосев Д. С., Морозов О. Д. **Кыргызстан адабияты.** Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, 1958, 75—78-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы).

Ковский Е., Аксаков М. **Жаштыктын үнү.**—«Советская Киргизия» 1962, 25-февраль.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жа-

зуучуларынын био-библиографиялык справочниги) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962, 454—457-беттер.

Макеева Ф. **Иш көп.**— «Советская Киргизия», 1966, 13-апрель.

Макеева Ф. **Только тем я счастлив и богат.** (Ясыр Шивазаны 60 жашта) — «Комсомолец Киргизии», 1966, 2-октябрь.

Сушанло М. **Дунган элинин акыны.** (Ясыр Шивазанын 60 жашка толушуна карата) — «Советская Киргизия», 1966, 2-октябрь.

Ильина К. **Таланттуу жазуучу.** (Ясыр Шивазанын 60 жылдыгына карата) — «Ленинский путь», 1966, 15-ноябрь.

Макеева Ф. **Жаз ырчысы.** (Я. Шивазанын лирикалары жөнүндө), Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1967, 69-бет.

Макеева Ф. **Ясыр Шивазанын чыгармачылыгы.** Автореферат диссертация на соискание ученой степени кандидата филологических наук, М., 1967, 19 бет.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Био-библиографиялык справочник) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969, 591—596-беттер.

СМАР ШИМЕЕВ

(1921—1976)



Акын Смар Шимеев 1921-жылы Кемин районунун Алмалуу кыштагында туулган. 1934—1938-жылдарда Токмок шаарындагы рабфактан окуйт. Рабфак жоюлганда, Фрунзедеги № 5 кыргыз орто мектебинде окуйт. Орто мектепти бүтүргөндөн кийин С. Шимеев журналисттик ишин баштайт. Адегенде «Ленинчил жаш» газетасынын адабият кызматкери, андан кийин Кыргыз ТАГдын кабарчысы, радио Комитетте редактор, «Ала-Тоо» журналынын жооптуу секретары, Кыргызстан КП БКнын инструктору, Кыргызстан жазуучулар Союзунун секретары болуп иштеди.

1949—1954-жылдарда С. Шимеев Москва шаарындагы А. М. Горький атындагы адабият институтунда окуду. Окууну бүтүп келип, Кыргызстан жазуучулар союзунун адабият консультанты, «Кыргызмамбастын» башкы редактору, «Ала-Тоо» журналынын редактору, «Жаш ленинчи» журналынын редактору, Кыргыз ССРинин маданият министерствосунун искусство иштери боюнча Башкармасынын начальниги жана Кыргызстан Мамлекеттик эмгек Кызыл Туу ордендүү Токтогул атындагы филармониясынын директору болуп кызмат өтөдү.

С. Шимеев 1941-жылдан КПССтин, 1944-жылдан СССР жазуучулар Союзуна мүчө.

Смар Шимеевдин биринчи ырлары 1938-жылы «Ленинчил жаш» газетасына чыгат. Ошондон тартып республикалык газета, журналдардын беттеринде акындын ырлары басылып турат. 1940-жылы акындын бир топ ырлары «Тилек» аттуу альманахка жарыяланат. Акындын биринчи ырлар жыйнагы «Париждин каары» деген ат менен 1944-жылы жарыкка чыгат.

Көптөгөн ырлардан жана поэмалардан түзүлгөн жыйнактары менен кошо С. Шимеев Пушкиндин, Лермонтовдун, Леся Украинканын, Назым Хикметтин, Ясыр Шивазанын жана башка акындардын ырларын жана поэмаларын кыргыз тилине которду. Смар Шимеев ошондой эле өзбек элинин улуу акыны

Алишер Навоинин «Фархад менен Ширин» аттуу поэмасын которуу ишин да ишке ашырды.

1954-жылы акындын «Алтын чөйчөк» аттуу ырлар жана поэмалары орус тилине которулду.

Адабияттагы сиңирген эмгеги үчүн Смар Шимеев «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштагы каарман эмгеги үчүн», «Каарман эмгеги үчүн. Владимир Ильич Ленинди туулган күнүнүн жүз жылдыгынын урматына», «Эмгектеги каармандыгы үчүн», «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуштун жеңишинин отуз жылдыгы» медалдары жана Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары менен сыйланды.

1974-жылы Смар Шимеевге «Кыргыз ССРинин Маданиятына эмгек сиңирген кызматкери» деген наам берилген.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

«Тилек». Альманах. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1940. 36 бет.

Париждин каары. Ырлар жана поэма. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1944. 91 бет.

Лирика. Ырлар жана поэмалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1946. 130 бет.

Эмгек ырлары. Ырлар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1949. 78 бет.

Ак кептер. Тынчтык ырлары. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1951. 80 бет.

Таалай поэмасы. Ырлар жана поэма. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1952. 104 бет.

Гүлай. Ырлар жана поэмалар. Кыргызмамбас, 1953. 116 бет.

Чалдын жомоктору. Поэмалар. Мектеп балдары үчүн. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1954. 64 бет.

Алтын булак. Аңгемелер. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955. 116 бет.

Жамийла. Ырлар жана поэмалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 212 бет.

Шаркыратма. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1961. 100 бет.

Күмүш терек. Поэмалар. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1965. 230 бет.

Каба. Повесть. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1967. 138 бет.

Турмуш жана мезгил. Ырлар жана поэмалар. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1968. 224 бет.

Махаббат. Ырлар. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1970. 194 бет.

Жаным менен. Тандалган ырлар жана поэмалар. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1971. 296-бет.

Сонеттер. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1972. 138 бет.

ПЬЕСАЛАРЫ

Эки чалдын жоругу. Бир көшөгөлүү пьеса. Талас элдик театры, 1965-ж.

Өмүр жөнүндө баян. Ыр менен жазылган эки бөлүмдүү драма. Нарын шаарындагы Муратбек Рыскулов атындагы Тянь-Шань музыкалуу драма театры, 1967-ж.

Түнкү жорук. Ыр менен куурчак театры үчүн жазылган эки бөлүмдүү пьеса. Фрунзе, Кыргыз куурчак театры, 1970-ж.

Бороон алдында. Опера. Музыкасы композитор Мукаш Абдраевдики.

Эки бөлүмдүү опералык либретто. Фрунзе, Кыргызстан Мамлекеттик Ленин орденду академиялык опера жана балет театры, 1974-ж.

Дарак тикесинен куурайт. Бир көшөгөлүү пьеса. Киров кыштагы, Киров элдик театры, 1974-ж.

Орус тилинде

Алтын чөйчөк. Ырлар жана поэмалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1955, 56 бет.

Булак суусу. Ырлар, балладалар жана поэмалар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 148 бет.

Бактынын баркы. Ырлар жана поэма. Москва, «Советский писатель» басмасы, 1971. 86 бет.

КОТОРГОН КИТЕПТЕРИ

Навои Алишер. **Ляйли менен Мажнун.** Поэма. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1948. 206 бет.

Шиваза Я. **Муса.** Повесть. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1949. 120 бет.

Назим Хикмет. **Ырлар, Фрунзе, Кыргызмамбас,** 1952. 80 бет.

Пушкин А. С. **Ырлар, поэмалар, драмалар.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1950. 152 бет.

Шиваза Я. **Шаньсиге кат.** Поэма. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1952. 56 бет.

Иван Франко. Леся Украинка. **Ырлар.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1954. 36 бет.

Пушкин А. С. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1956. 48 бет.

Бирма акындары. Ырлар. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 48 бет.

Навои Алишер. **Фархад менен Ширин.** Поэма. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 430 бет.

Айтматов Ч. **Кызыл жоолук жалжалым.** Инсценировкасы Котельниковдуку. Эки бөлүмдүү драма. Нарын, Муратбек Рыскулов атындагы Тянь-Шань музыкалуу драма театры, 1966.

Мустай Карим. **Ай тутулган түндө.** 3 көшөгөлүү трагедия. Фрунзе, Кыргызстан Мамлекеттик академиялык драма театры, 1974.

Пушкин А. С. **Моцарт жана Сальера, Сарай рыцарь.** Ош, Кыргыз драма театры, 1974-ж.

МАКАЛАЛАРЫ, РЕЦЕНЗИЯЛАРЫ, ОЧЕРКТЕРИ

Кыргыз тилинде

Социалисттик өлкөнүн улуу акыны. (В. Маяковский) — «Кыргызстан пионери», 1949, 8-май.

Поэзиялык чыгармалардын кыргызча котормолору жөнүндө.— «Советтик Кыргызстан», 1955, № 10, 69—90-беттер.

Муратбек Рыскулов (Туулган күнүнө 50 жыл толушуна карата) — «Жаш ленинчи», 1959, № 10, 16—21-беттер.

Таланттуу жазуучу — котормочу У. Абдуканмовдун элүү жашка толгондугуна карата.— «Ленинчил жаш», 1959, 18-октябрь.

Смар Шимеев.— «Ала-Тоо», 1958, № 7, 98 бет. (Декаданын катышуучусу өзүнүн даярдыгы жөнүндө айтып берет.)

Күлкүнүн чебери. (Кыргыз ССРинин эл артисти Шамшы Түмөнбаевдин элүү жашка толгондугуна карата.) — «Советтик Кыргызстан», 1959, 22-декабрь.

Акынга 50 жыл. (К. Маликовдун 50 жашка толгондугуна карата.) — «Кыргызстан пионери», 1961, 16-сентябрь.

Токтоналы Шабданбаев — Китепте: Шабданбаев Т. Алтын дарбаза. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1965. 3—9-беттер.

Акындын жаштыгы. (Я. Шивазанын 60 жашка толушуна карата.) «Ленинчил жаш», 1966, 2-октябрь.

ӨМҮР ЖОЛУ, ЧЫГАРМАЧЫЛЫГЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛАЛАР

Кыргыз тилинде

Токомбаев А. **Жаш адабиятыбыз жөнүндө диалог.**— «Кызыл Кыргызстан», 1946, 24-июль.

Маленов Б. **Анын штабынан «Ак кептер»** — «Ленинчил жаш», 1953, 25-январь.

Таштемиров Ж. **«Жамийла».**— «Ленинчил жаш», 1958, 16-июль.

Үмөталиев Ш. **Бир жагылыш макала жөнүндө.**— «Советтик Кыргызстан» 1956, 10-июль.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 107—109-беттер.

Токтобаева Р. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, 1958. 106—107-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы).

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Кыргызстан жазуучуларынын био-библиографиялык справочниги.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 458—462-беттер.

Абдраимов Ж. **Турмуш таасирлери.** (С. Шимеевдин 50 жашка толушуна карата.) — «Кыргызстан маданияты», 1971, 22-сентябрь.

Укаев К. **Лириканын зергери.** (Акын С. Шимеев 50 жашта.) — «Ала-Тоо», 1971, № 11, 109—117-беттер.

Үмөталиев Ш. **Жылдыздуу поэзия.** (Акын С. Шимеев 50 жашта.) — «Кыргызстан маданияты», 1971, 1-декабрь.

Бейшеналиев Ш. **Сөз күчүн барктаган акын.** (Смар Шимеев 50 жашта.) — «Ленинчил жаш», 1971, 14-декабрь.

Ботояров К. **Күйгөндөн айтам бир сабак.**— «Кыргызстан маданияты» 1974, 26-июль.

Орус тилинде

Балтин П. **«Яшмовая флейта».**— «Советская Киргизия», 1946, 28-июль.

Чегемли К. **Эки жол.**— «Советская Киргизия», 1948, 20-июнь.

Кулиев К. Ш. **Баш сөз.** С. Шимеев. «Алтын чөйчөк» 1959. 3 бет.

Вощакин А. **Ишке ашкан тилек.** (С. Шимеевдин «Алтын чөйчөгү» жөнүндө) — «Комсомолец Киргизии», 1956, 9-декабрь.

Акын-лирик.— «Советская Киргизия», 1958, 3-декабрь.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958, 120—121-беттер.

Лосев Д. С., Морозов О. Д. **Кыргызстандын адабияты.** Био-библиографиялык справочник. Фрунзе, 1958. 104—105-беттер. (Кыргыз ССРинин Н. Г. Чернышевский атындагы мамлекеттик республикалык китепканасы)

Валерия Герашнова. **«Киргизские рассказы».**— «Дружба народов», 1958, № 10.

Самаганов Ж. **Советтик Кыргызстан жазуучулары.** (Био-библиографиялык справочник.) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1969. 597—600-беттер.



РАЙКАН ШҮКҮРБЕКОВ

(1913—1964)

Белгилүү драматург, прозаик жана акын Райкан Шүкүрбеков 1913-жылы Талас өрөөнүндөгү Акчий селосунда туулган. Сарымсак уулу Шүкүрбек катсабаты бар, өз айлына белгилүү сөзмөр, жомокчу киши болгон экен. Ал кездерде Райкан туулган жерде мектеп да болбогон. Ошондуктан, келечектеги жазуучу Олуя-Ата (Азыркы Жамбул) шаарындагы мектеп-интернатта «кыргыз балдарын да окууга алат» деген кабарды угуп, айылдан качып келип, балдар үйүнө өтөт. Окуганды, жазганды үйрөнөт. Бул 1923—26-жылдар эле. Окуу адегенде казак тилинде жүрөт. Казак элинин улуу акыны Абайдын котормосу аркылуу орус адабиятынын классиктери Пушкиндин, Крыловдун чыгармалары менен аз да болсо тааныша баштайт.

1928-жылдын күзүндө Фрунзеге окуу издеп келип, педтехникумга өтө албай, шаардагы жети жылдык мектепте окуп калат. Фрунзе шаарында биринчи жолу тоо булбулу Токтогулдун жүзүн көрөт, анын укмуш күүлөрүн, ырларын угат. Татар адабиятынын классиги Габдулла Тукайдын ырларын окуйт.

Р. Шүкүрбековдун 1929-жылы жазган «Жаркынай» аттуу аңгемеси «Жаңы маданият жолунда» аттуу журналга жарыяланат. Акыры, 1929—33-жылдары өзү каалаган педтехникумда окуп, 1933-жылдын аягына чейин театр, филармонияда иштеди, театр сахнасында 20 жылдан ашык убакыт ар түрдүү ролдорду аткарып келди. Өзгөчө ал комедиялык спектаклдердеги ролдорду кызыгуу менен ойной турган .Алымкул, Осмонкул, Муратаалы, Калык, Карамолдо, Атай, Муса ж. б. белгилүү эл акындары менен комузчуларына айрыкча жакын болгон.

1933—36-жылдары жаш драматург жана көрүнүктүү артист Р. Шүкүрбеков «Күрөш», «Айдар», «Бейит арасында», «Жапалак Жатпасов» аттуу комедияларды жазат, алар мамлекеттик кыргыз драматеатрынын сахнасында коюла баштайт.

Р. Шүкүрбековдун «Тоо элинин баатыры» аттуу повести Самарканд шаарында 1936-жылы басмадан чыгат. Ал китепте автор 1916-жылдын окуясын сүрөттөйт. 1936—37-жылы орус адабиятынын классиктери А. П. Чеховдун, М. Горькийдин бир топ аңгемелерин которуп, жарыкка чыгарган.

Р. Шүкүрбеков 1937-жылы армиянын катарына чакырылып, согуш башталгандан 1943-жылга чейин Улуу Ата Мекендик согушта немецтик-фашисттик каракчыларга каршы күрөшөт. 1943-жылдын акырында оор жарадар болуп, армиядан кайтып келип, «Кек» аттуу драманы жазат. 1945-жылы А. С. Грибоедовдун «Акылдан азабын» которду. Р. Шүкүрбеков «Менин айылым», «Жашыл токой», «Эки жол», «Бир эшиктин тарыхы», «Канкей» сыяктуу драмалык чыгармалардын автору.

1950—1955-жылдары А. И. Крыловдун тамсилдерин, Ф. И. Шиллердин «Жүзү каралык жана сүйүү» аттуу трагедиясын, Мольердин «Алдамчы» аттуу комедиясын кыргызчага которду, алар жарыкка чыкты. Атактуу «Шахнаманын» бир томдугун которуп, окуучуларга тартуу кылды.

«Ырлар жана тамсилдер» жыйнагы, «Ала-Тоо жаңырыгы» аттуу экинчи жыйнагы Фрунзеден кыргыз тилинде, Москвадан орус тилинде жарыяланган.

1955-жылы ачылган кыргыз эстрадасы үчүн «Калпак», «Жинди суу» өндүү интермедияларды жазды. Ошондой эле «Жакшынын шарапаты» аттуу 4 көшөгөлүү комедия, «Акындын үмүтү» аттуу 4 көшөгөлүү драмасы анын курч калемине таандык.

Р. Шүкүрбеков балдар үчүн да чыгармаларды көп жазган. «Салам кат», «Эки бөжөк», «Иттин жомогу», «Аңгемелер», «Кыргыз тоосунда», «Карга», «Түлкү менен Теке» өндүү чыгармалары балдардын сүйгөн китептери. Мунун ичинен «Карга», «Түлкү менен Теке», «Эки бөжөк» орус тилинде да басылып чыкты.

Р. Шүкүрбековдун адабияттагы жана искусстводогу эмгеги жогору бааланып, СССР Жогорку Советинин Президиумунун Эмгек Кызыл туу ордени, «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта Германияны жеңгендиги үчүн», «1941—1945-жылдардагы Улуу Ата Мекендик согушта каарман эмгеги үчүн» медалдарын, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун грамотасын алган.

Р. Шүкүрбеков СССР жазуучулар Союзунун, СССР журналисттер Союзунун мүчөсү болгон.

КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Тоо элинин баатыры. (Повесть). Фрунзе-Самаркан, 1936. 127 бет.

Салам кат. Балдар үчүн аңгеме. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1950. 11 бет.

Эки бөжөк. Ыр. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1956. 23 бет.

Ырлар жана тамсилдер. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 207 бет.

Кыргыз тоосунда. Балдар үчүн ырлар. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1958. 24 бет.

Аңгемелер. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1958. 27 бет.

Ала-Тоо жаңырыгы. Ырлар жана тамсилдер. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 223 бет.

Менин айлым. 4 көшөгөлүү комедия.— Китепте: Пьесалар жыйнагы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 284—347-беттер.

Карга. Балдар үчүн. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1958. 25 бет.

Жакшынын шарапаты. 4 көшөгөлүү комедия.— «Ала-Тоо», 1959, № 4.

Жол. Аңгеме.— Китепте: Эмгек сыры. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1960. 329—338-беттер.

Иттин жомогу. Балдар үчүн. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1960. 25 бет.

Карга. Балдар үчүн. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1960. 15 бет.

Түлкү менен Теке. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1960. 15 бет.

Балдарга. Ырлар, жомоктор, аңгемелер жана пьеса. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1961. 290 бет.

Тандалган ырлар. (Түзгөн К. Каимов.) Фрунзе, Кыргызмамбас, 1963. 380 бет.

Жарыяланбаган чыгармалар. (Түзгөн К. Бектенов) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1965. 152 бет.

Пьесалар. Комедия жана драма. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1967. 287 бет.

Тоо элинин баатыры. Өспүрүмдөр үчүн. Повесть. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1969. 108 бет.

Райкандын интермедиялары. (Түзгөн К. Бектенов.) Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1971. 123 бет.

Камкаймак. Повесттер жана ырлар. Фрунзе, «Кыргызстан» басмасы, 1973. 240 бет.

Орус тилинде

Эки бөжөк. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1958. 26 бет.

Ала-Тоо жаңырыгы. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 283 бет.

Тянь-Шань жаңырыгы.— «Молодая Гвардия», 1958. 55 бет.

Түлкү менен Теке. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1959. 20 бет.

Карга. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1960. 23 бет.

Шаңгыра комуз. (Ырлар жыйнагы). Фрунзе, Кыргызмамбас, 1962. 180 бет.

КОТОРГОН КИТЕПТЕРИ

Кыргыз тилинде

Грибоедов А. С. **Акылдан азап.** 4 көшөгөлүү ыр менен жазылган комедия. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1947. 147 бет.

Чехов А. П. **Аңгемелер.** Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1954. 43 бет. (К. Эшмамбетов менен бирге).

Крылов И. А. **Тамсилдер.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1956. 144 бет.

Горький М. **Бороон кабарчысы жөнүндө ыр.** Фрунзе, Кыргызмамбас, 1957. 7 бет.

Афган акындары. Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 29 бет.

Фирдоуси. **Шах-нама** (Шах-намадан дастандар). Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 242 бет.

Түштүк Чыгыш Азия акындарынын ырлары. Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1958. 31 бет.

Фирдоуси. **Рустем-Дастан** (Шах-намадан). Фрунзе, Кыргызокуупедмамбас, 1960. 261 бет.

Крылов И. А. **Тамсилдер.** Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1973. 40 бет.

МАКАЛАЛАРЫ, РЕЦЕНЗИЯЛАРЫ, ОЧЕРКТЕРИ

Кыргыз тилинде

Мукай Элебаевдин чыгармалары жөнүндө.— «Кызыл Кыргызстан», 1940, 21-февраль.

Биздин Горький.— «Ленинчил жаш», 1940, 18-июнь.

Акын менен коштошуу.— «Кызыл Кыргызстан», 1944, 5-июль.

Акын Жоомарт жөнүндө бир эки сөз.— «Советтик Кыргызстан», 1944, № 8, 46—49-беттер.

Москваны көрүштү.— «Кызыл Кыргызстан», 1945, 10-июль.

Карыя акын. (Абдыкалык Чоробаевдин юбилейине карата).— «Ленинчил жаш», 1956, 16-ноябрь.

Райкан Шүкүрбеков.— «Ала-Тоо», 1958, № 9, 94 бет. (Декадага карата).

«Сарынжы» спектакли жөнүндө пикирибиз.— «Советтик Кыргызстан», 1958, 3-август. (К. Бектенов, А. Токтомушев менен бирге).

Абдырасул Токтомушев. (Кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвада болуучу декадасына карата) — «Советтик Кыргызстан», 1958, 10-август.

Кубанычбек Маликов.— «Ленинчил жаш», 1958, 13-август.

Кыргыз күүлөрүн бүткүл дүйнө укту. — «Советтик Кыргызстан», 1958, 15-август.

Кыргыз үйлөрү Москвага тигилет.— «Советтик Кыргызстан», 1958, 14-август.

Жазуучулардын кубаттуу үнү.— «Чалкан», 1958, № 10, 4 бет.

Эң карыя артист.— «Советтик Кыргызстан», 1958, 17-сентябрь.

Котормочудан.— Китепте: Фирдоуси. Шах-наме (Шах-намени которгону жөнүндө). Фрунзе, Кыргызмамбас, 1958. 88—140-беттер.

Советтик Кыргызстандын театр искусствосу.— «Социалисттик Казакстан», 1959, 11-июнь.

Таалайыбыз чексиз.— «Советтик Кыргызстан», 1960, 1-май. (Бектенов Касымалы. Элүү жылдык юбилейине карата) — «Ала-Тоо», 1960, № 8, 42—44-беттер.

Тянь-Шань элестери.— «Советтик Кыргызстан» 1960, 28-ноябрь.

Эскерүү.— «Ала-Тоо», 1960, № 4, 36—37-беттер.

Жусуп Турусбеков.— «Ленинчил жаш», 1960, 24-декабрь.

Мидин.— «Ала-Тоо» 1960, № 1, 100—102-беттер.

Акын-жазуучулар кең Таласта.— «Советтик Кыргызстан», 1957, 20-ноябрь.

Бектенов К. Күлкүнүн кени бар...— «Ленинчил жаш», 1964, 30-сентябрь.
Райкан — балдарга.— «Жаш ленинчи», 1964, № 9, 13-бетте.
Бектенов К. Райкандын күлкүсү.— «Советтик Кыргызстан», 1965, 11-июль.
Алагушев Б. Райкандын сөздөрү.— «Кыргызстан маданияты», 1967, 3-февраль.
Иманалиев К. Райкан Шүкүрбековдун пьесалар жыйнагы.— «Кыргызстан маданияты», 1968, 21-февраль.
Турсуналиев Э. Эстен кетпейт. (Райкан Шүкүрбеков жөнүндө) — «Кыргызстан маданияты», 1969, 25-июнь.
Осмоналиев К. Райкан Шүкүрбеков жөнүндө.— «Ленинчил жаш», 1970, 5-сентябрь.
Егиналиев С. Райкан Шүкүрбеков. (Чыгармачылык жолу).— Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1971. 271 бет.
Егиналиев С. «Жол» жөнүндө сөз. (Р. Шүкүрбековдун жарыяланбаган чыгармалары жөнүндө сын).— «Кыргызстан маданияты», 1972, 8-июнь.
Егиналиев С. Ободогу кош кайрыктар. (Р. Шүкүрбековдун чыгармалары) — «Ала-Тоо», 1972, № 11, 153—160-беттер.
Узакбаев Э. Көп кырдуу талант. (Р. Шүкүрбековдун туулган күнүнө 60 жыл толушуна карата.) — «Ысык-Көл правдасы», 1973, 26-сентябрь.
Земляк Я. Райкан Шүкүрбеков. (Райкандын 60 жашка толушуна карата) — «Советская Киргизия», 1973, 26-декабрь.
Егиналиев С. Райкан Шүкүрбековдун чыгармачылык жолу. Фрунзе, «Мектеп» басмасы, 1973. 20 бет. (М-во Нар. образования Кирг. ССР. Кирг. Гос. ун-т им. 50-летия СССР)
Бектенов К. Менин досум Райкандын күлкүсү. М., «Сов. писатель», 1973. 207 бет.

МУКАЙ ЭЛЕБАЕВ

(1905—1944)



Советтик кыргыз жазуучуларынын биринчи муунуна кире турган жана советтик кыргыз адабиятынын баштоочуларынын бири акын жана прозаик Мукай Элебаев 1905-жылы Ысык-Көл өрөөнүндөгү Түп районуна караштуу Чоң-Таш селосунда кедейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ал 9 жашынан жетим калып, ар кимдин колунда жан багат. 1916-жылы көтөрүлүштө эл менен бирге Кытайга барып, кайырчылык кылат. 1917-жылы кайра Ысык-Көлгө келип, 1921-жылга чейин ар кимге малай болуп күн өткөрөт.

